Иманилла КОЧКОРБАЕВ:

“Соттук экспертиза – сот адилеттүүлүгүнүн ажырагыс бөлүгү”

7-БЕТТЕ

Жанысак САТЫБАЛДИЕВ:

”Бакубат жашоо – ар бир адамга көз каранды”

8-9-БЕТТЕРДЕ

Көркөмү көөнөрбөс китеп

16-БЕТТЕ

№113 (3448)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

Шейшемби, 2022-жылдын 27-декабры

www.erkin-too.kg

2022-ЖЫЛДЫН ”ЖЫЛ АДАМЫ”

Президент Садыр Жапаров башкаруу системасындагы токтоолугу, сабырдуулугу, чечимдерди кабыл алуудагы чечкиндүүлүгү менен коомчулуктун колдоосуна ээ болуп келет. Мугалимдин, дарыгердин, маданият жана башка муниципалдык кызматкердин коомдогу ордун аныктап, кесиптин баркын көтөрүп, алардын аброюнун артышына кам көргөндүгү менен элге жакын экендигин тастыктоодо.

Тышкы саясаттагы Кыргызстандын позициясы эл аралык деңгээлде колдоого ээ болуп жатат. Жакында эле Президент Садыр Жапаровдун демилгесин БУУнун Башкы Ассамблеясы колдоп, 2023–2027-жылдарды “Тоолуу аймактарды өнүктүрүү боюнча аракеттердин беш жылдыгы” деп жарыялады. Резолюциянын кабыл алынышы Кыргыз Республикасынын көп жылдардан берки тоолуу өлкөлөрдүн кызыкчылыктарын коргоо боюнча ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы жана Адамзаттын жашоо-турмушунан бөлүп карай албаган жаратылышты коргоо жана сактоо маселелери Жер шарынын көйгөйүнүн алдын алуу деп түшүнүүгө болот. Мына ушундай ааламдашуу доорундагы таасын позициясы менен Президент Садыр Жапаров “Эркин-Тоо” гезити тарабынан “Жылдын Адамы” деп табылды.

КЫТАЙДАН ӨРТ ӨЧҮРҮҮЧҮ УНААЛАР КЕЛДИ

Өзгөчө кырдаалдар министринин орун басары Урматбек Шамырканов Кытайдан сатып алынган өрт өчүрүүчү унаанын 85и өлкөгө алып келингендигин билдирди. Анын айтымында, Кытайдан жакында келе турган 15 өрт өчүрүүчү унаанын ичинде 50 метрлик автошаты да (АКП-50) бар, алардын 10у авариялык-куткаруучу иштерге колдонулат. Мындан тышкары Орусиядан да 40 даана өрт өчүрүүчү унаа алынып, 10у Кыргызстанга алып келинген. Министрлик өлкөдө мындай өрт өчүрүүчү унаалар 2008-жылдан бери алына электигин билдирди.

КАЛААДАГЫ КАРА ТҮТҮНГӨ ЖЭБдин ТИЕШЕСИ КАНЧАЛЫК...

ЖЭБдин шаарды каптаган ыштагы үлүшү 1%дан аз экени аныкталды. Бул тууралуу "Электр станциялары" ААКнын техникалык директору Руслан Турганбаев билдирди. Анын айтымында, Бишкек ЖЭБдин трубасынын бийиктиги 300 метр. Бул бийиктикте шамал жүрүп, түтүндү калаадан айдап чыгат. Ошол эле учурда зыяндуу заттарды бөлүп чыгарбаш үчүн атайын фильтрлер турат. Атайын жабдыктардын жардамы менен түтүн тазаланат. Жакында БУУнун Айланачөйрөнү коргоо программасынын борбор калааны каптаган ыш боюнча изилдөөсү чыкты. Ал жерде көрсөткүч нормадан эки-үч эсе жогору болгон аймактар бар экени жазылган. Ошол изилдөөлөрдө калаадагы ышка Бишкек ЖЭБинин таасири дагы каралган. Жыйынтыгында ЖЭБдин үлүшү бир пайызга жетпей турганы аныкталган.

"Эркин-Тоо"

гезитине жазылууну эстен чыгарбаңыз!

2023-жылдын I жарым жылдыгына жазылуу баасы:

Гезитке жазылуу баасы почта кызматын кошкондо 6 айга:

которуу жолу менен – 1373 сом 52 тыйын;

накталай төлөө жолу менен – 1398 сом 00 тыйын.

КРнын Нормативдик акты журналына жазылуу баасы 6 айга:

Которуу жолу менен – 1536 сом 00 тыйын

Накталай төлөө жолу менен – 1563 сом 43 тыйын.

Жазылуу бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

2022-жылдын мыктылары

Жылдын жетекчиси

Министрлер Кабинетинин төрагасы – КРнын Президентинин Администрациясынын жетекчиси Акылбек Жапаров аткаруу бийлигинин башына оор кырдаалда келди. Дүйнөнү каптаган пандемия, экономикалык санкциялар өлкөлөр ортосундагы өз ара чарбалык алаканы солгундатты. Бирок, кризис-менеджер, уюштургуч жетекчи катары ички экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу да. Буга чейин импорттун көзүн караган Кыргызстандын экономикасы экспортко артыкчылык бере баштады. Американын саясатчысы, белгилүү ойлоп табуучусу Бенджамин Франклиндин, “Бул дүйнөдө өлүм менен салыктан качып кутула албайсың” деген таасын сөзүн бекем карманган Акылбек Үсөнбекович, ишкерлерди колдоо менен бирге жергиликтүү бюджетти толтуруунун мыйзамдуу жолун табууда. Ошондуктан, “Эркин-Тоо” гезити Акылбек Жапаровго “Жылдын жетекчиси” сыйлыгын ыйгарууну туура көрдү.

Жылдын лидери

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасы Камчыбек Ташиев көздү күйгүзгөн оңой жолду чанып, тоскоолдуктарга төшүн тосуп, кыйынчылыктар менен кыл чайнаша күрөшө билген көч башында жүргөн лидер инсан. Өлкөбүздө көйгөйлүү маселелердин башында турган чек араны тактоо, коррупция менен күрөшүү түн уйкудан бездирген түйшүктүү иш эмеспи. Камчыбек Кыдыршаевич коррупция менен күрөшүүнү колго алып, казынабызга миллиарддаган сомду өндүрүүгө салым кошуп жатат. Коргонуу, Ички иштер, Өзгөчө кырдаалдар министрликтеринин, ошондой эле Коопсуздук кызматынын аймактардагы бөлүмдөрүнүн материалдык-техникалык жактан чыңдалуусунда ролу зор. Камчыбек Ташиевдин талбас эмгеги жогору бааланып, “Эркин-Тоо” гезитинин “Жылдын лидери” сыйлыгына ээ болду.

Жылдын мекенчили

“Өз тилиңди жоготсоң, анда чек араңды ачып коё бер” деген Нельсон Манделанын учкул сөзү бар. Эне сүтүнөн оозанган эне тилибиз жоголсо улут жоголот. Улутсуз мамлекетти элестетүү мүмкүн эмес. Нурланбек Шакиев Жогорку Кеңештин төрагалык кызматына келери менен эне тил маселесине өзгөчө көңүл буруп, мекенчил позициясын ачык билдире баштады. Мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамдын кабыл алынганына 33 жыл болгону менен, кыргыз тили мамлекеттик деңгээлде өз милдетин так аткара албай жатканы чындык. Ошондуктан, Жогорку Кеңештин төрагасынын “Кыргыздар кыргыз менен кыргыз тилинде сүйлөшү керек деген түшүнүк менен жашашыбыз керек. Башка тилди билбеген уят эмес, өз эне тилин билбеген уят» деген көз карашы колдоого арзыйт. Ушундан улам, улуттук баалуулуктарды кастарлаган инсан катары Жогорку Кеңештин төрагасы Нурланбек Шакиев “Эркин-Тоо” гезитинин “Жылдын мекенчили” сыйлыгы менен сыйланды.

Иштин башы ишемби

БАТКЕНДЕ ҮЙЛӨР КУРУЛУП, ЖОЛДОР ОҢДОЛУП ЖАТАТ

Президент Садыр Жапаров өткөн ишемби жана жекшемби күндөрү Баткен облусунда иш сапар менен болду.

Мамлекет башчысы ушул жылдын сентябрь айындагы чек ара кагылышуусунда тургундардын турак жайлары талкаланган Ак-Сай жана Капчыгай айылдарына барып, андагы курулуш иштеринин жүрүшүн көрүп чыкты. Ак-Сай айылында 51, Капчыгай айылында 75 үй курулуп жатат. Бардык үйлөрдүн пайдубалы куюлуп бүтүп, учурда үйлөрдүн дубалдары тургузулуп, айрымдарынын чатырлары жабылган. Дубалы бүтүп, чатыры жабылган үйлөрдүн ички ремонт иштери жүрүп жатат. Президент каргашалуу окуяда уулунан ажырагандардын биринин жаңы курулуп жаткан үйүнө кирип, курулуштун сапатын жана жашоо үчүн түзүлгөн шартты көрүп, маркумдун үй-бүлөсүнө көңүл айтып, куран окуду. Президентке берген маалыматка ылайык үйлөр бүткөндөн кийин таза суу киргизилип, көчөлөрдү жарыктандыруу жана жолдорго асфальт төшөө иштери жасалат. Президент курулуш иштерин сапаттуу жүргүзүүнүн, үйлөргө ыңгайлуу жашоо үчүн зарыл шарттарды түзүүнүн маанилүүлүгүн баса белгиледи.

Мамлекет башчысы чек арадагы Ак-Сай жана Капчыгай айылдарынын жергиликтүү тургундары менен жолугушууда чек ара маселелерин жөнгө салуу, элдин жашоосуна ыңгайлуу шарттарды түзүү, жумушчу орундары менен камсыз кылуу жана башка суроолорго жооп берип, тургундар менен баарлашты. Тиешелүү мекемелердин жетекчилерине, райондун тургундары тарабынан көтөрүлгөн көйгөйлөрдү колго алууну тапшырды. Садыр Жапаров майор Б.Райымбеков атындагы "Капчыгай" чек ара заставасында болуп, аскер кызматкерлеринин кызмат өтөө шарттары менен таанышты.

Ушул эле күнү Президент Баткен районунун Миң-Өрүк жана Достук айылдарында үйлөрдү куруу жана калыбына келтирүүнүн жүрүшү менен таанышып, жергиликтүү тургундар менен жолугушту. Белгилей кетсек, Миң-Өрүк айылында 37 турак жайда курулуш иштери жүрүп, анын 16сында үйдүн ички ремонтун бүтүрүү иштери жүрүп, 10 үйдүн чатыры жабылды. Ушундай эле курулуш иштери 59 үй курулуп жаткан Достук айылында да жүрүүдө.

Эки айылдын тургундары менен жолугушууда алар пайызсыз насыя алууга мүмкүнчүлүк берүү, ирригациялык тармактарды өнүктүрүү, социалдык жеңилдиктер, ички жолдорду куруу жана социалдык объектилерди, айрыкча мектептерди куруу боюнча көйгөйлөрдү көтөрүштү. Садыр Жапаров мамлекеттин негизги максаттарынын бири – карапайым элдин турмушун жакшыртуу экенин баса белгилеп, зарыл болгон шарттардын бардыгы этап менен ишке ашат деп билдирди. Эл менен жолугушууда Баткен облусуна өзгөчө макам берүү аймактын өнүгүшүнө салым кошо баштаганын айтышты.

Президент Садыр Жапаров «Достук» чек ара заставасына барып, имараттын абалы жана аскер кызматкерлеринин кызмат өтөө шарттарын көрүп чыкты. Ошондой эле Кара-Бак айылынын жашоочулары менен жолугушуп, алар кызыктырган суроолорго жооп берди. Кара-Бак айылындагы жолдун бөлүгүн жана ички көчөлөрдүн тротуарларын таш менен төшөө боюнча пилоттук долбоордун жүрүшү менен таанышты. Мында 3 км жолго эксперименталдык түрдө таш төшөлмөкчү. Учурда 100 метр жолго таш төшөлгөн.

Бул ыкма жолдорду асфальттоодон арзанга түшөт. Маселен, 1 километр жолду таш брусчатка менен төшөө үчүн 6 млн сом керектелет, таш төшөлмөнүн бекемдиги жана суукка туруктуулугу да жогору. Президент бул пилоттук долбоор оң натыйжа берсе, анда таш менен төшөөнүн мындай ыкмасын айылдын ички жолдоруна киргизүү маселеси карала турганын айтты.

Президент Садыр Жапаров Айдаркен–Кадамжай унаа жолунун курулушунун жүрүшүн да көрүп чыкты. Жолдун жалпы узундугу 54 км, анын 48 километри асфальт-бетон менен төшөлгөн. Азыркы учурда иштер 90 пайызга бүткөрүлдү. Ошондой эле Ноокат–Кызыл-Кыя унаа жолунун абалы менен таанышып, аны капиталдык оңдоону 2023-жылдын жаз айларында баштап, ошол эле жылдын күзүндө бүтүрүүнү тапшырды. Кошумчалай кетсек, жолдун азыркы абалы боюнча жарандардан бир канча арыздар түшкөн.

Президент Садыр Жапаров Баткен облусуна иш-сапарынын учурунда Кадамжай сурьма комбинатына да барды.

Кадамжай сурьма комбинаты 1936-жылы ишке киргизилген. 2021-жылы түрк инвесторунун келиши менен комбинаттын ишмердүүлүгү жакшырган. Учурда комбинатта 600дөн ашык адам үч нөөмөттө иштейт. Комбинат айына 30-40 тоннага жакын көлөмдөгү сурьма чыгарат. Учурда айына 200 тонна продукция чыгаруу пландалып жатат.

Мамлекет башчы комбинатта өндүрүштү кайра жандандыруу боюнча технологиялык жаңы чараларды канааттануу менен белгиледи. Садыр Жапаров жамаат менен болгон баарлашууда мамлекет ата мекендик өндүрүшчүлөрдү колдоого бардык күч-аракетин жумшап жатканын белгилеп, комбинаттын ишин активдештирүү үчүн тиешелүү органдарга максималдуу жардам көрсөтүүнү тапшырды.

ИЛЬХАМ АЛИЕВДИ КУТТУКТАДЫ

Президент Садыр Жапаров телефон аркылуу Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиевди туулган күнү менен куттуктап, чың ден соолук, мамлекеттик ишмердигинде зор ийгиликтерди каалады.

Кошумчалай кетсек, 24-декабрда Азербайжан Республикасынын президенти Ильхам Алиев 61 жашка толду.

КЕЗЕКТЕГИ САНКТ-ПЕТЕРБУРГ ЖОЛУГУШУУСУ

Президент Садыр Жапаров кечээ КМШнын мамлекет башчыларынын бейформал жолугушуусуна катышуу үчүн Санкт-Петербург шаарына барды.

КМШ өлкөлөрүнүн лидерлеринин салттуу бейформал жолугушуусу Россия Федерациясынын Президенти Владимир Путиндин демилгеси менен жыл сайын Санкт-Петербург шаарында өткөрүлүп келет. Жолугушууга Азербайжандын Президенти Ильхам Алиев, Армениянын Премьер-министри Никол Пашинян, Беларусь Президенти Александр Лукашенко, Казакстандын Президенти Касым-Жомарт Токаев, Россиянын Президенти Владимир Путин, Тажикстандын Президенти Эмомали Рахмон, Түркмөнстандын Президенти Сердар Бердымухамедов, Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёев катышты.

Кошумчалай кетсек, иш-чара УТРКда жана соцтармактарда түз эфирде көрсөтүлүп, жолугушуунун жүрүшү менен элибиз кабардар боло алышты.

АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУ АКТУАЛДУУ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо маселеси боюнча жумушчу кеңешме өткөрдү.

Баалардын негизсиз жогорулашына жол бербөө боюнча комплекстүү чаралар көрүлөт. Жыйында Бакыт Төрөбаев тиешелүү мамлекеттик органдардын жетекчилерине ушундай тапшырма берди. Ошондой эле эң зарыл болгон азык-түлүк товарларына баалардын мониторинги улантылып, тиешелүү иштер жүрөт.

Жыйындын жүрүшүндө Салык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча маселелер каралды.

АДАМ УКУГУ БОЮНЧА 16 ИШ-ЧАРА

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов 23-декабрда Адам укуктары боюнча координациялык кеңештин кезектеги кеңешмесин өткөрдү.

Кеңештин мүчөлөрү үстүбүздөгү жылдын отчетун угуп, 2023-жылга иш-планын бекитти. Иш-планда 16 иш-чара камтылган. Жыйында мамлекеттик органдарга бир катар тапшырмалар берилди.

МАДАНИЯТТЫ ЖАЙЫЛТУУДА ТҮРКСОЙдун МААНИСИ ЧОҢ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов Түрк тилдүү элдердин маданияты эл аралык уюмунун (ТҮРКСОЙ) баш катчысы Султан Раев менен жолугушту.

Анда маданиятты өнүктүрүү жана жайылтуу жаатындагы өз ара аракеттенүүнүн жана координациялоонун актуалдуу маселелери талкууланды.

Даярдаган
Бегим ТУРДАЛИЕВА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 26-ИЮНУНДАГЫ №278 "МАМЛЕКЕТТИК АППАРАТТЫН САНЫН КЫСКАРТУУ ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Мамлекеттин тышкы саясатын толук ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 26-июнундагы № 278 "Мамлекеттик аппараттын санын кыскартуу жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 1-пункттагы "министрликтеринин," деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигин кошпогондо, министрликтеринин," деген сөздөргө алмаштырылсын.

2. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 23-декабры, ПЖ №405

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2022-жылдын 16-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2006-ж., №4, 392-ст.) төмөнкүдөй өзгертүүлөр киргизилсин:

1) 54-статьянын экинчи бөлүгүнүн 3-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3) иш аткарыла турган жумуш орду. Аралыктан иштөөдө иш аткарыла турган жумуш орду көрсөтүлбөйт;»;

2) 58-статья төмөнкүдөй мазмундагы экинчи бөлүк менен толукталсын:

«Эмгек келишими электрондук кол тамга менен күбөлөндүрүлгөн электрондук документ түрүндө түзүлүшү мүмкүн (электрондук эмгек келишими).»;

3) Кодекс төмөнкүдөй мазмундагы 32[1]-глава менен толукталсын:

«32[1]-глава Аралыктан иштөөнү аткарган кызматкерлердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү

360[1]-статья. Аралыктан иштөө

Иш функциясын аткаруу жана аны аткаруу менен байланышкан маселелер боюнча иш берүүчү менен кызматкердин ортосунда өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашыруу үчүн маалыматтык-телекоммуникациялык технологияларды колдонуу шартында иш берүүчү жайгашкан жерден тышкары жерде эмгек келишиминде аныкталган иш функциясын аткаруу аралыктан иштөө болуп саналат.

Аралыктан иштөөнү аткаруучу кызматкерлерге ушул главада белгиленген өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен эмгек жөнүндө мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын күчү жайылтылат.

Иш берүүчүнүн жана аралыктан иштөөнү аткаруучу кызматкердин ортосундагы иштөө шарттары эмгек келишиминде аныкталат.

360[2]-статья. Аралыктан иштөөнү аткаруучу кызматкер менен эмгек келишимин түзүү өзгөчөлүктөрү

Аралыктан иштөөнү аткаруучу кызматкер менен эмгек келишимин кызматкердин өзүнүн жеке катышуусунда, ошондой эле электрондук эмгек келишим түрүндө формасында түзүүгө жол берилет.

Эмгек келишими түзүлгөн жер болуп иш берүүчүнүн жайгашкан жери саналат. Эмгек келишиминде иш аралыктан аткарылары жөнүндө сөзсүз көрсөтүлөт.

Эмгек келишиминде аралыктан иштөөнү аткарып жаткан кызматкердин милдеттери жөнүндө кошумча шарттар, иш милдеттерин аткарууда иш берүүчү тарабынан берилген же сунушталган жабдууларды, маалыматташтыруу объекттерин пайдалануу шарттары каралышы мүмкүн.

Аралыктан иштөөнү аткаруучу кызматкерлерди алар иш милдеттенмелерин аткаруу үчүн зарыл болгон жабдуулар, маалыматташтыруу объекттери жана башка каражаттар менен камсыз кылуунун тартиби жана мөөнөттөрү, аткарылган иш жөнүндө аларга отчетторду берүү тартиби жана мөөнөтү, ошол кызматкерлердин өздөрүнүн жабдууларын, маалыматташтыруу объекттерин колдонгондугу үчүн компенсацияны жана ошондой эле аралыктан иштөөнү аткаруу менен байланышкан башка чыгымдарды төлөөнүн өлчөмү, тартиби жана мөөнөттөрү эмгек келишиминде аныкталат.

Аралыктан иштөөнү аткаруучу кызматкердин иш берүүчү менен өз ара аракеттенүүсүнүн ыкмалары жана мезгилдүүлүгү эмгек келишиминде аныкталат.

360[3]-статья. Аралыктан иштөөнү аткаруучу кызматкердин эмгегин коргоо

Иш берүүчү тарабынан берилген же сунушталган жабдуулар жана каражаттар менен иштөөдө аралыктан иштөөнү аткаруучу кызматкерге иштин коопсуз шарттарын жана аны коргоону камсыз кылуу максатында иш берүүчү кызматкердин эмгекти коргоо талаптары менен таанышуусун камсыз кылат.

Иштин коопсуз шарттарын жана аны коргоону камсыз кылуу боюнча иш берүүчүнүн башка милдеттери эмгек келишиминде каралышы мүмкүн.

360[4]-статья. Аралыктан иштөөнү аткаруучу кызматкердин жумуш убактысынын жана эс алуу убактысынын режими

Аралыктан иштөөнү аткаруучу кызматкерлерге ушул Кодексте белгиленген жумуш убактысынын жана эс алуу убактысынын узактыгынын ченемдери жайылтылат.

Аралыктан иштөөнү аткаруучу кызматкердин жумуш убактысын жана эс алуу убактысын эсепке алуу тараптардын макулдашуусу боюнча эмгек келишими менен аныкталат.

Аралыктан иштөөнү аткаруучу кызматкерге ар жылдык акы төлөнүүчү өргүүнү жана өргүүлөрдүн башка түрлөрүн берүүнүн тартиби ушул Кодекске жана мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык эмгек келишими менен аныкталат.

360[5]-статья. Өзгөчө учурларда кызматкерди иш берүүчүнүн демилгеси боюнча аралыктан иштөөгө убактылуу которуу

Өзгөчө же аскердик абалды киргизүү, өзгөчө кырдаалды жарыялоо же болбосо башка чектөө иш-чараларын киргизүү мезгилинде жогоруда көрсөтүлгөн учурлар жоюлганга чейин кызматкер иш берүүчүнүн демилгеси боюнча аралыктан иштөөгө убактылуу которулушу мүмкүн.

Мындай которуунун мөөнөтү аяктаганда (бирок иш берүүчү тарабынан кызматкерди аралыктан иштөөгө убактылуу которуу жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн негиз болгон жагдай (учур) токтогон күндөн кечиктирбестен) иш берүүчү кызматкерге эмгек келишиминде каралган мурунку жумушту берүүгө, ал эми кызматкер аны аткарууга киришүүгө милдеттүү.».

2-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 23-декабры, №123

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ТРУДОВОЙ КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 16 ноября 2022 года

Статья 1

Внести в Трудовой кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2006 г., №4, ст. 392) следующие изменения:

1) пункт 3 части второй статьи 54 изложить в следующей редакции:

«3) рабочее место, на котором должна выполняться работа. При дистанционной работе рабочее место не указывается;»;

2) статью 58 дополнить частью второй следующего содержания:

«Трудовой договор может заключаться в форме электронного документа, удостоверенного электронной подписью (электронный трудовой договор).»;

3) Кодекс дополнить главой 32[1] следующего содержания:

«Глава 32[1] Особенности регулирования труда работников, выполняющих дистанционную работу

Статья 360[1]. Дистанционная работа

Дистанционной работой является выполнение определенной трудовым договором трудовой функции вне местонахождения работодателя при условии использования для выполнения данной трудовой функции и осуществления взаимодействия между работодателем и работником по вопросам, связанным с ее выполнением, информационно-телекоммуникационных технологий.

На работников, выполняющих дистанционную работу, распространяется действие законодательства о труде и иных нормативных правовых актов с учетом особенностей, установленных настоящей главой.

Условия работы между работодателем и работником, выполняющим дистанционную работу, определяются трудовым договором.

Статья 360[2]. Особенности заключения трудового договора с работником, выполняющим дистанционную работу

Заключение трудового договора с работником, выполняющим дистанционную работу, допускается как при личном присутствии самого работника, так и в форме электронного трудового договора.

Местом заключения трудового договора является местонахождение работодателя. В трудовом договоре обязательно указывается, что работа является дистанционной.

Трудовым договором могут предусматриваться дополнительные условия об обязанностях работника, выполняющего дистанционную работу, использования при исполнении трудовых обязанностей оборудования, объектов информатизации, предоставленные или рекомендованные работодателем.

Порядок и сроки обеспечения работников, выполняющих дистанционную работу, необходимыми для исполнения ими трудовых обязанностей оборудованием, объектами информатизации и иными средствами, порядок и сроки представления ими отчетов о выполненной работе, размер, порядок и сроки выплаты компенсации за использование данными работниками собственного оборудования, объектов информатизации, а также иных расходов, связанных с выполнением дистанционной работы, определяются трудовым договором.

Способы и периодичность взаимодействия работника, выполняющего дистанционную работу, с работодателем определяются трудовым договором.

Статья 360[3]. Охрана труда работника, выполняющего дистанционную работу

В целях обеспечения безопасных условий и охраны труда работника, выполняющего дистанционную работу, работодатель обеспечивает ознакомление работника с требованиями охраны труда при работе с оборудованием и средствами, предоставленными или рекомендованными работодателем.

Иные обязанности работодателя по обеспечению безопасных условий и охраны труда могут предусматриваться трудовым договором.

Статья 360[4]. Режим рабочего времени и времени отдыха работника, выполняющего дистанционную работу

На работников, выполняющих дистанционную работу, распространяются нормы продолжительности рабочего времени и времени отдыха, установленные настоящим Кодексом.

Учет рабочего времени и времени отдыха работника, выполняющего дистанционную работу, определяется по соглашению сторон трудовым договором.

Порядок предоставления работнику, выполняющему дистанционную работу, ежегодного оплачиваемого отпуска и иных видов отпусков определяется трудовым договором в соответствии с настоящим Кодексом и законодательством в сфере государственной гражданской службы и муниципальной службы.

Статья 360[5]. Временный перевод работника на дистанционную работу по инициативе работодателя в исключительных случаях

В период введения чрезвычайного или военного положения, объявления чрезвычайной ситуации либо при введении иных ограничительных мероприятий, работник может быть временно переведен по инициативе работодателя на дистанционную работу до отмены вышеуказанных случаев.

По окончании срока такого перевода (но не позднее дня прекращения обстоятельства (случая), послужившего основанием для принятия работодателем решения о временном переводе работника на дистанционную работу) работодатель обязан предоставить работнику прежнюю работу, предусмотренную трудовым договором, а работник обязан приступить к ее выполнению.».

Статья 2

Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 23 декабря 2022 года, №123

КУМАР ОЮНДАРЫН УЮШТУРУУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА МЫЙЗАМСЫЗ ИШКЕ БӨГӨТ КОЮУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Жашыруун (легалдуу эмес) кумар оюндарын, анын ичинде оюн автоматтарын пайдалануу менен уюштуруу жана өткөрүү боюнча мыйзамсыз ишке бөгөт коюу, аларга окуучуларды, өспүрүмдөрдү жана жашы жете электерди тартууга өбөлгө түзгөн шарттарды жоюу, мыйзамсыз кумар оюндарын уюштуруучуларынын жана катышуучуларынын жоопкерчилигин күчөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын аймагында жашыруун (легалдуу эмес) кумар оюндарын, анын ичинде оюн автоматтарын пайдалануу менен уюштурууга жана өткөрүүгө, ошондой эле мыйзамда белгиленген тартипте берилген лицензиясы жок тотализаторлордун, букмекердик конторалардын ишине тыюу салынсын.

2. 2023-жылдын 1-январынан тартып оюн автоматтарын пайдалануу менен кумар оюндары мыйзамда белгиленген тартипте ачылган казино жайларында гана өткөрүлөт деп белгиленсин. Оюн автоматтарын соода борборлоруна, компьютердик клубдарга жана башка жайларга, ошондой эле жайлардан тышкары жерлерге орнотууга тыюу салынат.

3. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги:

- Кыргыз Республикасынын аймагында мыйзамсыз кумар оюндарын, анын ичинде оюн автоматтарын пайдалануу менен уюштурууну жана өткөрүүнү токтотуу жана болтурбоо боюнча иштерди күчөтсүн;

- жашыруун (легалдуу эмес) кумар оюндарын өткөрүү үчүн көмүскө жайларды күтүүгө жол бербөө жана бөгөт коюу, ошондой эле мындай оюндарды уюштуруучулардын мыйзамсыз ишин токтотуу үчүн таасирдүү контролду камсыз кылсын;

- мыйзамсыз оюн автоматтарынын залдарынын ишин, казинону кошпогондо, компьютердик клубдарда, соода борборлорунда жана башка жайларда, ошондой эле жайлардан тышкары жерлерде оюн автоматтарын орнотууну токтотуу жана болтурбоо боюнча чараларды көрсүн.

4. Кумар оюндарын мыйзамсыз уюштуруу жана өткөрүү фактылары аныкталганда оюндарга таандык буюмдар, анын ичинде оюн автоматтары, оюнда ставка жана байге болуп саналган баалуулуктар, ошондой эле мындай оюндарга катышуунун натыйжасында алынган башка кирешелер белгиленген тартипте алынууга жана мамлекеттин кирешесине айландырылууга тийиш деп белгиленсин.

5. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, шаарлардын мэриялары, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги:

- республиканын аймагында тыюу салынган кумар оюндарын уюштуруу жана өткөрүү, ошондой эле аларга окуучуларды, өспүрүмдөрдү жана жашы жете электерди тартуу боюнча мыйзамсыз иштин алдын алуу боюнча туруктуу иштерди жүргүзсүн;

- кумар оюндарынын зыяндуулугу жөнүндө социалдык роликтерди тартсын жана жайылтсын.

6. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги кызыкдар министрликтер жана административдик ведомстволор менен биргеликте эки айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине төмөнкүлөрдү киргизсин:

- жашыруун (легалдуу эмес) кумар оюндарын өткөргөндүгү жана аларга жашы жете электерди тарткандыгы үчүн мыйзамсыз иштердин уюштуруучуларынын жана катышуучуларынын, ошондой эле жашыруун (легалдуу эмес) кумар оюндарын уюштурууга жана өткөрүүгө жайларды берген жактардын жоопкерчилигин күчөтүү жөнүндө мыйзамдын долбоорун;

- ушул Жарлыктан келип чыгуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө сунуштарды.

7. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

8. Бул Жарлык 2023-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 23-декабры, ПЖ №404

Жыл соңунда

КӨП ИШТЕР ЖАСАЛДЫ, ЖАСАЛА ЭЛЕГИ АЛДЫДА АТКАРЫЛАТ

Мезгил учкан куштай зымырап өтүп, 2022-жыл да сапарын карытууда. Жыл соңунда өткөн мезгилге кичине сарасеп салып, аткарылган иштерге азыноолак токтолуп кетүүнүн ыңгайы келип турат. Быйылкы жылы орус-украин согушунун кесепетинен улам тышкы жагымсыз факторлорго карабастан республикабызда өнөр жай өндүрүшү 14,3%га өстү. Бул ЕАЭБ өлкөлөрүнүн ичинен эң жогорку көрсөткүч. Ал эми 2022-жылдын 11 айынын жыйынтыгы боюнча ИДПнын реалдуу өсүү темпи – 107,0%ды түзүп, көлөмү 781 млрд сомго жетти.

Негизи быйылкы жыл көптөгөн ишканалардын ачылыш жылы болду десек болот. Өлкөбүз топчу, мыктан баштап дээрлик бардык эл керектөөчү товарларды тыштан ташып келген. Мамлекет мына ушундай шартта өнөр жай тармагын колдоо үчүн быйыл "Кыргызиндустрия" ААКсын түзүп, аталган мекеменин колдоосу менен эле 7ден ашык чакан өндүрүш ишканалары түзүлүп, продукция өндүрө баштады. "Кыргызбакча", "Кыргызстиль", "Көк-Алма", "Кыргызкыш" жана ишканалар кадыресе иштеп жатат. Дагы 9 ишкана иш баштоо алдында турат. Жалпысынан "Кыргызиндустрия" ар кандай багыттагы ири жана чакан ишканалар боюнча 30 долбоордун үстүндө иштеп жатат. Ошондой эле жеке ишкерлер да өндүрүш ишканаларын түзүүгө аракеттерин жасоодо. Мисалы быйыл жыл башында эле Сузакта суу май чыгарган завод ишке кирди. Завод бүгүн күнүнө 30 тонна өсүмдүк майын чыгарууда. Келечекте 80 тоннага чейин көбөйтүлмөкчү. Жалпысынан өлкөбүздө быйыл тамак-аш жана кайра иштетүү тармагында 29 жаңы ири, 46 кичи ишканалар түзүлүп, 750 жаңы жумуш орундары ачылды.

КОЛДОО ЖАКШЫ БОЛСО ЖЫЙЫНТЫГЫ КӨП КҮТТҮРБӨЙТ

Айыл чарба продукцияларын өндүрүүдө мамлекет тарабынан каржылык колдоо бараандуу болду. Жыл башынан бери күрөөсү жок ишкерлерге Кепилдик фонду тарабынан колдоо көрсөтүлдү. Тактап айтканда 1 млрд 665 млн сомду түзгөн 897 кепилдик берилип, мамлекет ишкерлерге ыңгайлуу шарт түзүп берди. Натыйжада банктар ишкерлерге 5 миллиард сомдон ашык көлөмдө кредит берди. Бул былтыркыга салыштырмалуу 1,8 миллиард сомго көп кредит берилди дегендик.

Ал эми "Айыл чарбасын каржылоо-10" долбоору боюнча 4,5 млрд сом көлөмүндө айылдык товар өндүрүүчүлөргө жеңилдетилген кредиттер берилди. Быйыл дыйкандар 1 млрд 677 млн сомго 524 техниканы лизингге алышты. Жалпысынан агроөнөр жай комплексин мамлекеттик колдоо өткөн жылга салыштырмалуу 2,5 эсеге өстү же болбосо 26,6 млрд сомго көбөйдү. Ошого жараша айыл чарба продукциялары 42 млрд сомго көп өндүрүлгөнүн белгилөөгө болот.

ЕАЭБ өлкөлөрүнө өз өндүрүш товарларыбызды экспорттоодо айыл чарба жана тигүү өндүрүшүнүн продукциялары биринчи сапта турат. Кыргызстан айыл чарба продукцияларын тышка чыгарууда быйыл жакшы көрсөткүчкө жетишти. Ушул жылдын 10 айынын жыйынтыгы боюнча 30 млрд 39 млн сомго айыл чарба продукциялары тышка сатылды. Бул жалпы экспорттун 19,5%ын түзөт.

ТИГҮҮ ТАРМАГЫ ЖАҢЫ ДЕҢГЭЭЛГЕ ЧЫГАБЫ?

Кыргызстандын текстиль тармагы өлкө экономикасынын алдыңкы секторлорунун бири болуп саналат. Бул тармак 200 миңге чукул жумуш орундары менен камсыз кылууда. Биздин тигүүчүлөр ЕАЭБ аймагында өз ордун таап, дээрлик бардык тигүү өндүрүшүнүн товарлары экспортко чыгат. Министрлер Кабинети быйыл 2022-2026-жылдарга жеңил өнөр жай тармагын өнүгүү стратегиясын иштеп чыгып, коомдук талкууга алып чыкты. Анда тармакты андан ары өнүктүрүү планы толук камтылган.

БҮГҮНКҮ АЙЛЫК АКЫЛАР ЧЕК ЭМЕС

Акыркы 2 жылдан бери бюджеттин кирешеси улам өсүүдө. 2021-жылдын жыйынтыгында бюджет 313 миллиард сомго жетсе, быйыл мурда айтылгандай 400 млрд сомду чапчыганы турат. Ал эми 2023-жылы 500 млрд сомго жеткирүү пландалууда. Бюджеттик каражаттардын көбөйүшү менен социалдык тармактын айлык акылары сезилерлик көбөйдү.

1-апрелден баштап маданият кызматкерлеринин айлык акысы 100%га өстү. Чынында бул тармакка жылдап көңүл бөлүнбөй келген. Китепкана, маданият үйлөрүнүн кызматкерлери эң төмөнкү айлык акыга иштөөгө аргасыз болушкан. Ошондой эле социалдык кызматкерлерге да айлык акы эки эсеге көбөйтүлгөнү жакшы иш болду. Мындан тышкары мугалимдердин айлык акысы 80%га, саламаттыкты сактоо тармагынын кызматкерлеринин айлык акысы 50%га көбөйтүлдү. Белгилей кетсек, буга чейин да дарыгерлердин айлык акылары көбөйтүлгөн болчу. Ошентип, апрель айында 309 миң социалдык чөйрөнүн кызматкерлеринин айлык акысын көбөйтүү үчүн 9 айга мамлекеттик бюджеттен 26 млрд сом бөлүндү.

1-августтан баштап 58 миң мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин айлыгы да көбөйтүлүп, ал үчүн бюджеттен 7 млрд сом каралды. Ардактуу эс алуудагы адамдарыбыз үчүн жыл сайын пенсияны көбөйтүү аракети болуп келет. Бирок буга чейин быйылкы жылдагыдай болуп кескин көтөрүлбөгөнүнө элибиз өзү күбө. Тактап айтканда ар бир пенсионерге 1700 сомдон баштап 3400 сомго чейин кошулуп, пенсионерлерибизди кубанта алдык. 735 миңден ашуун пенсионерлер үчүн 4,5 миллиардга жакын бюджеттик каражат каралды.

2022-жылы борбор шаарыбызда 15 мектеп, 1 балдар бакчасы курулуп пайдаланууга берилди. Бул максатта 3 млрд сом жумшалып, анын 2,5 миллиарды республикалык бюджеттен, калганы шаар бюджетинен бөлүндү. Айтор, үстүбүздөгү жылы жалпы республикабыз боюнча социалдык объекттерди куруу иши күрдөөлдүү жүрдү десек болот. Президент Садыр Жапаров жакында өткөн Биринчи Элдик курултайда сүйлөгөн сөзүндө бюджеттик каражаттарга республикабыз боюнча жалпысынан 193 социалдык объекттердин курулушу жана оңдоп-түздөө иштери жасалганын белгилеп өттү.

КЫЛЫМГА КЫЗМАТ КЫЛЧУ КУРУЛУШТАР

Экономикалык кыйынчылыктарга карабастан өлкөбүз "Камбар-Ата-1" ГЭСин куруу иштерин баштады. Бул ГЭС курулуп бүтсө кыргыз энергетикасынын флагманы болуп, энергетикалык көз карандысыздыгыбызды камсыз кылат деген үмүт бар. Мына ушул улуу ишке быйыл кадам жасалып отурат. Мамлекет жетекчилиги бул ГЭСтин курулушун аягына чыгарууга ишенимдүү түрдө белсенип турушат. Энергетикалык көз карандысыздыкка республикабызда курулушу жүрүп жаткан Бала-Саруу ГЭСи сыяктуу кичи ГЭСтер да мезгили келсе өз салымын кошоору калетсиз. Пландалган иштер ишке ашса энергетикалык көз карандысыздыкка гана эмес, электр энергиясын экспорттоого да жетише алабыз.

Быйыл көп жылдар бою айтылып келген Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолун куруу боюнча өз ара макулдашууларга жетишилип, муз ордунан жылды десек болот. Темир жол өлкөбүздүн экономикасы жана транспорттук инфраструктурасы үчүн өлчөөсүз чоң маанаге ээ экени калетсиз. Мамлекетибиз өз күчү менен Балыкчыдан Кочкор – Кара-Кечеге чейин темир жолун курууну баштап отурат. Демек, алакан жайып акча жок, бизге ким каражат берет деп отурган мезгил өттү. Мындан башка республикабыздын аймактарында унаа жолдорун оңдоо-түзөө иштери жасалууда.

"КУМТӨР" ПУЛТӨРГӨ АЙЛАНГАНДА

"Кумтөр" кени качан иштеп баштаса ошондон бери токтобогон талаш-тартышка быйыл июль айында чекит коюлду. Канадалыктар канчалык соттошобуз деп коркутпасын акыры кыргыз тарап менен макулдашууга келип, "Кумтөр" кени биротоло өз колубузга өттү. Кенге тыштан башкаруу киргизгенден баштап анын мамлекеттик бюджетке салымы өсүп барат. Быйылкы жылдын январь-сентябрь айы ичиндеги салымы эле 26,7 млрд сомду түздү. Ал эми былтыркы жылы ушул мезгилге карата "Кумтөрдүн" бюджетке салымы 7,9 млрд сомду түзгөн.

КООПСУЗДУК КӨҢҮЛ БОРБОРУНДА

Үстүбүздөгү жылы коопсуздук маселесине өзгөчө көңүл бөлүнүп, бюджеттик каражаттарга керектүү техникалар сатылып алынды. Атап айтсак, "Тигр" маркасындагы атайын бронетехникалар, оор жүк ташуучу аскердик унаалар, "Байрактар-ТБ2", "Акынжы", "Аксунгур" сокку уруучу учкучсуз учуучу аппараттары, куралжарактын жана аскердик техникалардын заманбап түрлөрү менен толукталды. Өзгөчө белгилей турган маселе быйыл аскер кызматчыларынын айлык акылары да сезилерлик көтөрүлүп, алардын жашоо-турмушунун жакшырышына карата да иш-аракеттер болууда. 19-сентябрда Президенттин 1-октябрдан баштап прокуратура кызматкерлеринен тышкары аскер кызматчыларынын жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерине кызмат өтөө үчүн үстөктөрдү жылдык эмгек акы фондунун 80%ына чейин жогорулатуу жөнүндөгү Жарлыгы чыкты.

АЙМАКТЫК РЕФОРМА АКЫРЫНДАН БОЛОТ

Өлкөбүздө административдик-аймактык реформа жөнүндө мурдатан эле айтылып келет. Эми бул иш терең талданып, анан ишке ашканы калды окшойт. Быйыл бул багытта Түп районундагы 13 айыл аймагынын мисалында эксперимент катары долбоор башталды. Долбоорго ылайык 13 айыл аймагынын базасында 5 айыл аймагы түзүлмөкчү. Анын жыйынтык-натыйжасына ылайык келечекте республикабыз боюнча аймактык реформа ишке ашуусу пландалууда.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

Күн чыгыш өлкөсүндө

ТЫШКЫ САЯСАТТА ТЫНЫГУУ ЖОК

Тышкы иштер министри Жээнбек Кулубаев 23-декабрда Токио шаарында Япониянын тышкы иштер министри Е.Хаяси менен «Борбордук Азия + Япония» диалогунун алкагында жолугушту.

Жолугушуунун жүрүшүндө эки тараптуу кызматташуунун актуалдуу маселелери, анын ичинде саясий диалогду мындан ары да бекемдөө үчүн жогорку жана эң жогорку деңгээлде өз ара сапарларды уюштуруу зарыл экени айтылды. Министр Ж.Кулубаев кыргыз тарап соода-экономикалык жана инвестициялык кызматташтыкты чыңдоого кызыкдар экендигин айтып, экологиялык таза продукцияны экспорттоону көбөйтүүгө өзгөчө мүмкүнчүлүктөр бар экенин баса белгиледи.

Эки өлкөнүн тышкы саясат ведомстволорунун башчылары Кыргызстандын жана Япониянын тышкы иштер министрликтеринин 2023-2025-жылдарга карата кызматташуу программасына кол коюшту.

КҮЧ-АРАКЕТТЕРДИ БИРИКТИРҮҮ ЗАРЫЛ

Ушул эле күнү Тышкы иштер министри Жээнбек Кулубаев «Борбордук Азия + Япония» диалогунун Тышкы иштер министрлер кеңешинин 9-жыйынына катышуу алкагында Япониянын Премьер-министри Ф.Кисиданын Борбордук Азия мамлекеттеринин тышкы иштер министрлери менен болгон жамааттык жолугушуусуна катышты.

Министр Ж.Кулубаев Президент Садыр Жапаровдун жылуу саламын жана каалоотилектерин жеткирип, Кыргыз Республикасы менен Япониянын ортосунда дипломатиялык мамилелердин орнотулгандыгынын 30 жылдыгын майрамдоо алкагында жолугушуу уюштуруунун символикалуулугун белгиледи. Ал ошондой эле Кыргызстан Японияны ар дайым жакын дос жана узак мөөнөттүү өнөктөш катары карап келгенин белгилеп, кызматташтыкты мындан ары өркүндөтүү үчүн жетиштүү потенциалы бар экенине көңүлүн бурду. Өз кезегинде Ф.Кисида глобалдык көйгөйлөрдү чечүүдө, энергетика, экология жана азыктүлүк тармагында эл аралык жана аймактык коопсуздукту чыңдоо жана камсыз кылуу маселелери боюнча күч-аракеттерди биригүү зарылдыгын белгиледи.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТЕСКЕМЕСИ

Ар бир бала үчүн билим алуунун адилеттүү жана коопсуз жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуучу шарттарды түзүү, мамлекеттин жана социалдык багыттагы ишкердиктин күч-аракеттерин бириктирүүнүн негизинде адам капиталын андан ары өнүктүрүүгө бардык кызыкдар тараптардын биргелешкен салымын көбөйтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 46-беренесинин 3, 5-бөлүктөрүнө ылайык, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып:

1. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги мектепке чейинки билим берүү уюмдарын жана кызмат көрсөтүүлөрүн, анын ичинде балдардын толук же кыска мөөнөттүү, аз комплектте болуусу менен вариативдүү жана альтернативдүү формаларын ачууну жөнөкөйлөтүү жана өнүктүрүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апреликдеги № 201 токтому менен бекитилген "Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын түзүлүшүнө, аларды күтүүгө жана иштөө режимин уюштуруурга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар" санитардык-эпидемиологиялык эрежелерин жана ченемдерин кайра карап чыксын жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечиминин долбоорун белгиленген тартипте киргизсин.

2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин алдындагы Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк борбору менен бирдикте билим берүү жана илим чөйрөсүндө мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн ар кандай формаларын киргизүү, анын ичинде мектепке чейинки билим берүү уюмдарын түзүү жана иштетүү, имараттын архитектурасы, ошондой эле ички жайлардын көрүнүштөрү боюнча заманбап дизайнердик чечимдерди эске алып, жаңы энергоэффективдүү, сейсмологиялык жана башка технологияларды колдонуу менен экомектептерди (жаңы форматтагы мектептерди) куруу үчүн зарыл болгон Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун иштеп чыгууну камсыз кылсын;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын вариативдүү жана альтернативдүү формаларын өнүктүрүүнү караган өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу сунуштарды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине киргизсин;

- 2023-жылдын I кварталынын аягына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү менен бирдикте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төмөнкүдөй чечимдеринин долбоорун иштеп чыксын жана белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине киргизсин:

патенттин же жеке ишкер күбөлүгүнүн негизинде жеке жактар тарабынан көрсөтүлүүчү вариативдүү жана альтернативдүү формадагы мектепке чейинки билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн ыктыярдуу сертификаттоо жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарын лицензиялоо системасын кайра кароо аркылуу мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндө формалдуу эмес эмгек рыногун легалдаштыруу жана аялдар ишкердигин өнүктүрүү боюнча пилоттук долбоорду 2023-жылдын II кварталынан тартып киргизүү жөнүндө;

тиешелүү консультациялык борборлордо ата-энелерге акысыз психологиялык-педагогикалык жана консультациялык жардам көрсөтүү, анын ичинде зомбулуксуз тарбия берүү маселелери боюнча "Ата-энелер мектеби" пилоттук долбоорун 2023-2024-окуу жылдан тартып киргизүү жөнүндө.

3. Жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына социалдык багыттагы бизнес-түзүмдөрдүн колдоосу менен бардык түрдөгү жана формадагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын иштеши үчүн шарттарды түзүүгө көмөк көрсөтүү сунушталсын.

4. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги:

- эрте өнүктүрүүнүн, мектепке чейинки билим берүү уюмдарын ачуунун жана кызмат көрсөтүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө маселелер боюнча масштабдуу маалыматтык өнөктүктү ишке ашырсын;

- эрте өнүктүрүүнүн жана мектептик билим берүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө маселелер, анын ичинде көп түрдүү маданият жана көп түрдүү тил маселелери боюнча ата-энелердин маалымдуулугун жогорулатуу максатында мамлекеттик жана жеке радио-телеканалдарда маалыматтык радио жана телеберүүлөрдү уюштурсун;

- Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги менен бирдикте эрте жаштагы, мектепке чейинки жана мектеп жашындагы балдарды өнүктүрүүгө багытталган үй-бүлөлүк баалуулуктардын, балдардын укуктарын коргоонун, ар бир бала үчүн чөндордун жоопкерчилигинин позитивдүү үлгүлөрүн көрсөткөн контентти даярдасын жана системалуу түрдө трансляциялап турсун.

5. Бул тескеменин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруу контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул тескеме расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 22-декабры, №683-т

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2021-ЖЫЛДЫН 20-АПРЕЛИНДЕГИ №156 "ЭКСПЕРТТИК КОРУТУНДУ БЕРҮҮ БОЮНЧА ЭКСПЕРТ УЮМДАРДЫН ЖАНА ҮЧҮНЧҮ ӨЛКӨЛӨР МЕНЕН СООДА ЖҮРГҮЗҮҮДӨ ТАРИФТИК ЭМЕС ЖӨНГӨ САЛУУНУН ЧАРАЛАРЫ КОЛДОНУЛА ТУРГАН ТОВАРЛАРДЫН БИРДИКТҮҮ ТИЗМЕГИНЕ КИРГИЗИЛГЕН ТОВАРЛАРДЫ ЭКСПОРТТООГО ЖАНА ИМПОРТТООГО УРУКСАТ ДОКУМЕНТТЕРИН БЕРҮҮ БОЮНЧА ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ОРГАНДАРДЫН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТАРИФТИК ЭМЕС ЖӨНГӨ САЛУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Тышкы экономикалык ишти жүзөгө ашырууда уруксат берүүчү документтерди өз убагында берүүнү камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 20-апреликдеги №156 "Эксперттик корутунду берүү боюнча эксперт уюмдардын жана үчүнчү өлкөлөр менен соода жүргүзүүдө тарифтик эмес жөнгө салуунун чаралары колдонула турган Товарлардын бирдиктүү тизмегине киргизилген товарларды экспорттоого жана импорттоого уруксат документтерин берүү боюнча ыйгарым укуктуу органдардын тизмегин бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тарифтик эмес жөнгө салуу чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 16-декабры, №699

"КЫРГЫЗ ФОНДУЛУК БИРЖАСЫ" ЖАБЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНУН АЯНТЧАСЫНДА БААЛУУ МЕТАЛЛДАРДЫ САТУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү жана баалуу металлдарды сатуу механизмин андан ары өркүндөтүү максатында, "Баалуу металлдар жана асыл таштар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик баалуу металлдар жана асыл таштар фондунун баалуу металлдарын биржалык тоорутарда сатуунун тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жыл сайын республиканын өндүрүштүк, финансылык, илимий, социалдык-маданий керектөөлөрүн жана башка мамлекеттик кызыкчылыктарын камсыз кылуу үчүн республикалык бюджетти түзүүдө биржалык тоорутарда аларды сатуу үчүн зарыл болгон көлөмдөрдө Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик баалуу металлдар жана асыл таштар фондун түзүү жана толуктоо үчүн бюджеттик каражаттардын көлөмүн, ошондой эле баалуу металлдарды "Кыргыз фондулук биржасы" жабык акционердик коому аркылуу сатууга даярдоо үчүн зарыл болгон чыгымдарды карасын.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруу контролдоо башкармалыгына жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 16-декабры, №700

ЛОТЕРЕЯ ИШИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Мамлекеттик лотереялык компания" мамлекеттик ишканасынын ишин тартипке келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын, Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 17-июнундагы №339 "Мамлекеттик лотереялык компания" мамлекеттик ишканасын түзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Мамлекеттик лотереялык компания" мамлекеттик ишканасынын уставы ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун башкаруу схемасы төмөнкүдөй мазмундагы позиция менен толукталсын:

"

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Мамлекеттик лотереялык компания" мамлекеттик ишканасы

".

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 16-декабры, №701

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 7-ИЮНУНДАГЫ №300 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ "КЫРГЫЗТРАНСНЕФТЕГАЗ" МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАСЫН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-июнундагы №300 "Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу "Кыргызтранснефтегаз" мамлекеттик ишканасын түзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 4-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу "Кыргызтранснефтегаз" мамлекеттик ишканасына Баткен облусунун Кадамжай районунун "Түндүк Сох" мунай-газ чыккан жеринин аймагында жайгашкан газ-техникалык курулмалардын объекттерин оперативдүү башкаруу укугунда өткөрүп берсин.".

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 22-декабры, №709

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДЫК АБА КЕМЕЛЕРИНИН УЧУУ ЭКИПАЖЫНЫН КУРАМЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Жарандык авиация жаатындагы ишти жөнгө салуу максатында, Кыргыз Республикасынын Аба кодексинин 83-беренесине, «Кыргыз Республикасынын" Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын жарандарынын арасынан авиациялык персонал жок болгон учурда, коммерциялык аба ташууларын жүзөгө ашырган, авиациялык иштерди аткарган Кыргыз Республикасынын авиакомпанияларынын жарандык аба кемелеринин экипажынын курамына төмөнкүлөр кириши мүмкүн деп белгиленсин:

1) Кыргыз Республикасынын аба мыйзамдарына ылайык кесиптик жана атайын даярдыгы бар жана авиациялык персоналдын колдонуудагы күбөлүгү Кыргыз Республикасынын жарандык авиация органынын таануу жолжобосунан өткөн чет өлкөлүк жарандар;

2) жарандык авиация жаатында Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында кесиптик жана атайын даярдыктан өткөн, Кыргыз Республикасынын авиациялык персоналынын күбөлүгүн алган чет өлкөлүк жарандар.

2. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2016-жылдын 1-августундагы №2 «Кыргыз Республикасынын жарандык аба кемелеринин учуу экипажынын курамы жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Бул токтомду ишке ашыруу тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 22-декабры, №710

Актуалдуу маек

КРнын Юстиция министрлигине караштуу Соттук-эксперттик кызматынын төрагасы Иманилла КОЧКОРБАЕВ:

“СОТТУК ЭКСПЕРТИЗА – СОТ АДИЛЕТТҮҮЛҮГҮНҮН АЖЫРАГЫС БӨЛҮГҮ”

Өлкөдө соттук-экспертизалык кызматынын ишмердүүлүгү менен кабардар болууга кызыккан адамдар көп. Андан калса, укуктук мамлекетти курууда соттук экспертизанын орду маанилүү экени талашсыз. Ушундан улам, аталган кызматтын төрагасы Иманилла Кочкорбаевди сөзгө тартып, бир топ суроолорубузга жооп алдык.

- Иманилла Нуркамилович, сиз жетектеген кызматтын негизги ишмердүүлүгүнө токтолуп кетсеңиз. Функциясы, милдети кандай?

- Соттук экспертиза адамдын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жана мыйзамдуулукту камсыз кылуу системасынын маанилүү тармагы, а эң негизгиси сот адилеттүүлүгүнүн ажырагыс бөлүгү. Соттук экспертизанын корутундусу далилдердин бири, ал тургай айрым жарандык же кылмыш иштеринде жападан жалгыз далил болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Соттук-эксперттик кызмат соттук-эксперттик иш чөйрөсүндө саясатты жүзөгө ашыруучу мамлекеттик мекеме. Кызматтын негизги милдеттерине соттук-эксперттик ишти уюштуруу жана ишке ашыруу, атайын билимдерди жана техникалык каражаттарды колдонууда сот жана укук коргоо органдарына методикалык жана методологиялык жардам көрсөтүү, соттук-экспертиза чөйрөсүндө окутууларды камсыз кылуу, соттук эксперттерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу кирет.

Азыркы учурда биздин кызматтын эксперттери экспертизанын 50дөн ашык актуалдуу түрүн, жылына 10 миңден ашык экспертиза жүргүзөт. Соттук курулуш-техникалык, соттук-экономикалык, өрт-техникалык, трасологиялык, наркотикалык заттарга криминалистикалык, лингвистикалык жана дин таануу сыяктуу экспертизалардын өзгөчөлүгүнө байланыштуу изилдөөлөрдү жүргүзүүгө көп убакыт коройт. Анткени аталган экспертизалар татаал объектилерди жана көлөмдүү материалдарды изилдөөнү талап кылат. Соттук эксперттин корутундусу – бул, тигил же объектини, же материалды илимий негизде изилдөөнүн натыйжасы, айрым учурда корутунду өзүнчө эле диссертацияны элестетет. Маселен, алакандай кагаздагы бул наркотикалык зат экен деген бүтүм корутунду эмес, ошол заттын, алардын аралашмасынын жаралышынан тартып химиялык түзүлүшү, сакталышы, өзгөчөлүктөрү, касиеттерине чейинки кылдат изилдөөнүн, лабораториялык эксперименттердин натыйжасында гана корутунду жазылат. Же болбосо, курулуш-техникалык экспертиза кайсы бир убакта курулган көп кабаттуу имараттын техникалык документациясынан тартып пайдаланылган курулуш материалдарынын сапатына, курамына чейинки татаал изилдөөнү талап кылат. Эксперттик изилдөө процессуалдык документ, эксперт ар бир сөзүн, аныктамасын, колдонгон формуласын, методун илимий эрежеге ылайык далилдейт. Эксперт чыгарган тыянагы үчүн керт башы менен мыйзам алдында жооп берет. Образдуу айтканда, ар кандай буюм, мисалы эбак атылган ок эксперттин колуна тийгенде качан жана эмнеден жасалганын, кай куралдан кантип атылып, кайда тийгенине чейинки тагдырын кадимкидей айтып берет. Албетте, биздин ишибиз татаал, жооптуу, керектүү, сыймыктуу жана кызыктуу иш.

- Соттук-эксперттик ишти жүзөгө ашырууда материалдык-техникалык база талапка жооп береби? Кадрдык мүмкүнчүлүк жетиштүүбү?

- Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевичтин 2021-жылдын 29-январындагы "Менчикти коргоо жана ишкерлерди жана инвесторлорду колдоо жөнүндө" Жарлыгы Соттук-эксперттик кызматынын дараметин чыңдоого жана материалдык-техникалык жактан камсыздоого эң сонун таасир этти.

Илим жана техниканын өнүгүүсү жана кылмыш аракеттерин ишке ашыруу ыкмаларынын, жолдорунун улам өркүндөшү эксперттик лабораторияларыбызды, материалдык-техникалык жабдыктарды улам жаңылоого мажбурлайт. Технологиялык жана глобалдык өзгөрүүлөргө татыктуу жооп берүү үчүн аракеттерди тынымсыз көрүп жатабыз. Ошондуктан, мисалы ДНК-анализ, экологиялык, техногендик же авиакатастрофаларды изилдөө, улам жаңырган технологияларга байланыштуу трансулуттук финансылык кылмыштардын материалдарына экспертиза сыяктуу экспертизалардын жаңы актуалдуу түрлөрүн киргизүү ишибиздин келечектүү багыты. Экспертизаларды жүргүзүүнүн автоматташтырылган программалык ыкмаларын колдонуу, заманбап лабораториялык жабдыктар менен камсыздоо, соттук-эксперттик ишмердүүлүк процессин «электрондук өкмөт» механизминин алкагында бюрократиялык тоскоолдуктардан арылтуу, санариптештирүү процесстерин биз жүргүзүп жатабыз. Өрттүк-техникалык, материалдык, заттык жана буюмдарды изилдөө, соттук-баллистикалык жана жардыруу-техникалык экспертизаларды өткөрүүдө өзгөчө бир жабдуулар керек. Криминалистикалык жана химиялык лабораторияга жаңы аппараттар коюлду, далил буюмдарды, реактивдерди сактоого зарыл шарттар түзүлдү.

Республикалык бюджеттен кошумча каражат бөлүнүп, ар бир экспертке кубаттуу, жаңы компьютерлер жана керектүү лабораториялык, техникалык жабдыктар, кооптуу шарттарда иштеген эксперттер атайы кийим менен камсыз болушту. Келечекте өрт чыккан, жарылган, катастрофа болгон жерлерди кароо, изилдөө үчүн атайы дрондорду алуу болжолдонууда. “Эксперт” автоматташтырылган маалыматтык системасы тесттик, сынак режиминде иштеп жатат. Реалдуу режимге өткөндө тергөөчү же сот гана эмес, соттук процесстин ар бир катышуучусу дайындалган экспертизанын аткарылышын карай алат. Албетте, токтомдун мазмуну жана эксперттик корутунду менен тиешелүү адам белгиленген гана тартипте таанышса болот, бирок экспертиза качан дайындалып, качан корутунду чыкканын кызыккан тарап көрө алат.

Кадрлар демекчи, эксперт – илимдин адамы, бирок анын изилдөөсү тергелип же сотто каралып жаткан конкреттүү ишке байланыштуу процессуалдык мыйзамдар менен жөнгө салынган аракет болгондуктан, соттук эксперт өзгөчө кылдаттыкты жана бийик жоопкерчиликти талап кылган кесип. Демек кадрларды тандоо, даярдоо, анын кесиптик чеберчилигин өркүндөтүү эң негизги маселе. Биз эксперттерди өзүбүз да окутуп, тышка да билимин өркүндөтүүгө, тажрыйба алмашууга жиберип турабыз. Мисалы, химик-эксперттерди Будапештте өткөн “Синтетикалык наркотиктерди өндүрүүнүн жаңы тенденциялары” аттуу окуу курсунда окуттук. Лингвист жана дин таануу эксперттери Казань шаарында эки жумалык атайы курста окуп келишти. Эксперттерибиз эл аралык илимий-практикалык конференцияларга катышып, кесиптештери менен пикир алмашып, экспертология боюнча илимий жаңылыктар менен таанышып турушат. Кызматтын илимий-методикалык кеңеши бар, анын мүчөлөрүнүн дээрлик 70% университеттердеги окумуштуулар, анткени алардын билимин, кепкеңешин пайдалануу биз өтө кызыктарбыз. Илимий-методикалык кеңеште методикалык сунуштар, жаңы методикалар, колдонмолор, докладдар талкууланып турат. Кыскасы соттук-эксперттик кызматта университет же илим-изилдөө институтундагыдай эле илимий иштер жүрүп турат. Эксперт дайыма формада болуусу абзел, ошондуктан илимий-методикалык, тажрыйба алмашуу иштерин системалаштыруу аракетин көрүүдөбүз.

- Соттук-эксперттик кызматтын аймактардагы бөлүмдөрү барбы? Алар кандай кызмат көрсөтүшөт?

- Албетте бар. Кызматтын Түштүк башкармалыгы Баткен, Ош жана Жалад-Абад облустарын тейлет. 60 жылдан бери Түштүк башкармалыгынын өзүнчө имараты жок эле, эми минтип өлкө жетекчилигинин тапшырмасы, Жогорку Кеңештин депутаттарынын колдоосу менен имарат курууга акча каражаты бөлүнүп, бир жыл ичинде Ош шаарында имарат салынды. 22-ноябрда ачылып, азыр заманбап лабораторияда эксперттер иштеп жатат.

Кызматтын Түндүк башкармалыгынын имараты болсо Ысык-Көл облустук өнүктүрүү фондунун эсебинен быйыл толук ремонттон өттү.

Аймактагы эксперттерибиз биздин кызматка тиешелүү тике милдетин аткарышат, башкача айтканда соттук экспертизаларды жүргүзөт. Бирок, адистердин жоктугунан айрым экспертизалар аймактарыбызда жүргүзүлбөйт. Борбордо жүргүзүлүүчү экспертизалардын бардык түрлөрүн аймактарда да жүргүзүүгө жетишүү озуйпасы алдыбызда туру.

- Сиз башкарган кызматтын эл аралык алкактагы кызматташуусу кандай жолго коюлган?

- Эки багытта иш жүргүзүп жатабыз. Биринчиден, биз лабораторияларыбызды эл аралык аккредитациядан өткөрүүгө умтулуудабыз. Соттук-эксперттик кызматта сапат менеджмент системасы түзүлүп жатат. Эл аралык ISO/МЭК 17025, ISO/МЭК 17020 жана ISO/МЭК 15189 стандарттарын киргизүү максатында лабораторияларды, жабдыктарды, приборлорду, методикаларды эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү боюнча эл аралык уюмдар, өнөктөш мамлекеттер жана уюмдар менен тынымсыз сүйлөшүүлөр жүрүп, практикалык иштер аткарылууда. Эң жөнөкөй прибор, маселен тараза да атайы сынактан өтүп, сертификаты болууга тийиш. Ансыз, “баланча миллиграм” деген тыянак эске алынбайт. Эл аралык аккредитациянын түпкү максаты биздин эксперттик корутунду тышкы дүйнөдө далил катары таанылууга, бааланууга, эске алынууга тийиш. Экинчиден, аккредитация экспертизанын сапатын жакшыртууга өбөлгө болот. Үчүнчүдөн, ушул аркылуу чет өлкөлөрдүн экспертология боюнча жетишкендиктеринен пайдалануу мүмкүнчүлүк алабыз.

Биздин Кызмат алыскы жана жакынкы мамлекеттердин соттук-эксперттик мекемелери, илимий институттары, эл аралык уюмдар менен алакасын жылдан-жылга бекемдөөдө. Алаканын географиясы кеңири. Россия, Грузия, Эстония, Латвия, Венгрия, Казакстан, Беларусь сыяктуу өлкөлөр менен илимий-методикалык байланыштарыбыз ургаалдуу. Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасы, БУУнун Кылмыштуулукка жана наркотиктерге каршы башкармалыгы, Американын Кыргызстандагы элчилиги, ОБСЕ, Европалык Биримдик, ШКУ биздин туруктуу өнөктөштөрүбүз.

- Кечиктирилгис чечүүнү талап кылган кандай маселелер бар?

- Соттук-эксперттик кызматтын эксперттик лабораториялары учурда Бишкек шаарындагы эки имаратта (Орозбеков көчөсү №11 жана Бөкөнбаев көчөсүндөгү №97) жайгашкан. Бөкөнбаев көчөсүндөгү имарат 1940-жылы курулган, авариялык абалда жана капиталдык ондоого жараксыз. Андан тышкары, имараттын абалы талапка жооп бербегендиктен, Соттук-эксперттик кызматтын лабораторияларын эл аралык аккредитациядан өтүшүнө, демек эксперттик корутундулардын таанылышына тоскоолдук жаратууда. Эксперттик лабораториялардын жана административдик имараттардын бири-биринен алыс жайгашкандыгы экспертизага берилген материалдардын жана далил буюмдарынын коопсуздугуна коркунуч келтирүүдө. Эксперттик лабораториялар менен административдик кызматтар бир жерде жайгашып, экспертизага тапшырылган материалдардын жана далил буюмдардын коопсуздугун камсыз кылуу маселесин тезинен чечүүгө аракеттер жасалып жатат.

Экинчиден, облустардын райондорундагы жана шаарларындагы сот жана укук коргоо органдары жана жарандык, жазык, административдик иштердин башка катышуучулары 200 жана андан көп километр аралыкта жайгашкан эксперттик уюмдарга кайрылууга муктаж. Бул өз кезегинде каражаттардын жана убакыттын коромжусуна, иштерди тергөөнүн жана кароонун процессуалдык мөөнөттөрүнүн бузулушуна алып келет. МСЭК аймактык бөлүмдөрү экспертизанын айрым гана түрлөрүн жүргүзө алат, бул жагдай да компетенттүү органдардын процессуалдык ишмердүүлүгүнүн сапатына жана мөөнөтүнө терс таасирин тийгизет. Ошондуктан соттук-эксперттик кызматтын алыскы аймактарда, маселен Баткенде жана Таласта аймактык түзүмдөрдү ачуу маселеси өтө актуалдуу. Албетте, аталган эки маселе боюнча Министрлер Кабинети менен иштеп жатабыз.

- Сиз өмүр бою юстиция тармагында эмгектенип келе жатасыз. Бул тармак сизге эмнеси менен кызык деп ойлойсуз?

- Юрист болгонум менин тагдырым, турмуштук жолум, ат жалын тарткандан тартып жашоодогу ийгиликтеримдин өбөлгөсү. Эми минтип Юстиция министрлигине караштуу Соттук-эксперттик кызматта иштеп жатканыма сыймыктанам. Абдан билимдүү юристтер, кесипкөй эксперттер менен бирге иштешүү, тажрыйбалуу адистер жана таланттуу жаштар менен үзөңгүлөш болуу бактысын кымбат тутам, жоопкерчилигин терең түшүнөм.

Мазмундуу маегиңизге чоң рахмат. Жакында эле Юстиция тармагына сиңирген эмгегиңиз жогору бааланып, "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезити тарабынан берилген "Эл сыймыгы" сыйлыгыңыз кут болсун! Иштериңизде ийгиликтерди каалайм.

Разия ЖООШБАЕВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Базар-Коргон райондук мамлекеттик а
башчысы–акими Жанысак САТЫБАЛДИ

”БАКУБАТ Ж
АДАМГА КӨЗ

Базар-Коргон району мамлекетибиздеги ийгиликтери менен таанылган алдыңкы райондордун бири. Кыргыз мамлекети союздун курамында турган маалдан бери эле калк керектөөсүндөгү эң зарыл болгон продукцияларды өндүрүүдө жогорку чектердеги көрсөткүчтөрдү жаратып келатышат. Миңдеген базар-коргондук мекендештерибиз ак кызматы, адал эмгектери менен элге таанылышып, атак-даңкы менен сыймыктанып келишет.
Базар-Коргон районунун каармандарынын сыймыктуу жолдорун азыркы тапта алардын урпактары ар-намыстуулук менен улантышып, эгемен мамлекетибиздин байрагын татыктуу желбиретишүүдө.
Бүгүнкү күндө Базар-Коргон районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы–акими Сатыбалдиев Жанысак Манасбекович учур талабына ылайык ургаалдуу аракеттери менен жетектеп келе жатат. Жыл жыйынтыгы боюнча татыктуу көрсөткүчтөрдү жаратып, райондун социалдык-экономикалык жашоо-шартынын улам алгалай берүүсүндө көптөгөн аракеттерди жасап жаткан Жанысак Сатыбалдиевдин маанайы жарык, алдыга алган багыты ары шар, ары түз.
Аким менен болгон баарлашуубузда райондогу ийгиликтер, кыйынчылыктарды жоюудагы жасалып жаткан аракеттер туурасында сөз болду.

ИШТИ ИЛГЕРИЛЕТКЕН ИНВЕСТИЦИЯ

- Быйылкы жыл биздин районубуз үчүн жемиштүү жыл болду. Райондун эл чарбасынын бардык тармактары боюнча салыштырма баада 14 млрд 482 млн 924 миң 600 сомдук ички дүң продукция өндүрүлүп, өндүрүштүн көлөмү өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу план ашыгы менен аткарылды.

Пахта, кондитердик азыктар, макарон азыктары, күрүч, май азыктары, бакча жемиштери, жеңил көйнөктөрдү тигүү өткөн жылдын ушул мезгилине карата накталай түрдө ашыкча өндүрүлдү.

Район боюнча мамлекеттик бюджетке салык төлөмдөрүн жыйноонун жалпы планы 106,3%га аткарылды. Бул көрсөткүч өткөн жылга салыштырганда арбын болуп, өсүү ыргагын түздү. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 24-июнундагы “Салык жол-жоболорун фискалдаштыруунун электрондук системасын киргизүү боюнча чаралар жөнүндө” №356 токтомун турмушка ашыруу боюнча иштер улануууда.

Ошондой эле жаңы жумуш орундарын түзүү, кошумча каржы булактарын табуу максатында ички жана тышкы инвестицияларды тартуу жаатында максаттуу иштер жүрүп жатат. 2022-жылы райондун аймагында жалпы 80 ишкана ишке киргизилип, 434 жаңы жумушчу орону түзүлдү. Атап өтсөм, “Кыргызиндустрия” мамлекеттик ишканасынын 49,0% жана жеке ишкер Улан Жусубаевдун 51% салымы менен “Кыргызкыш” ЖЧКсы түзүлүп, Базар-Коргон шаарына караштуу Падачы участкасында мурда токтоп калган кыш заводуна 46 млн 500 миң сомдук инвестиция жумшалды. Суткасына 30000-35000 даана кыш чыгарылат, 30 жаңы жумушчу орун түзүлдү. Андан башка Базар-Коргон шаарынын аймагындагы “Золотой Орех” ЖЧКсы тарабынан кыш заводун реконструкциялоо жана жаңы 2 кыш бышыруучу откана курулду. Кошумча 40 жумушчу орун түзүлдү. Сейдикум айыл аймагында “Ак-Тулпар-А” ЖЧКсы тарабынан логистикалык борбордо сыйымдуулугу 100 тоннаны түзгөн муздаткыч кампасы курулду. Ал жерде 5 туруктуу жана 20 убактылуу (сезондук) жумушчу орундары менен камсыз болду.

Дагы бир жакшы саамалык, Базар-Коргон районунун аймагында кичи ГЭС куруу боюнча жалпы 4 ишкерге жер тилкелери ажыратып берилген. Бүгүнкү күндө Кызыл-Үңкүр айыл аймагынын Жаз-Кечүү айылына “ЭлИнвестГрупп” ЖЧКсы тарабынан кубаттуулугу 5 МгВ чакан ГЭС куруу боюнча жумуш жүргүзүлүүдө. Долбоордун жалпы сметалык баасы 3,5 млн АКШ долларын түзсө, бүгүнкү күндө 600 миң АКШ долларында жумуштар аткарылып калды. Райондун аймагында жеке ишкерликти өнүктүрүүгө артыкчылык берип, ыңгайлуу шарттарды түзүүгө болгон аракетибизди жасап жатабыз.

Ошондой эле Базар-Коргон райондук өнүктүрүү фондусунун мекемесине республикалык бюджеттин эсебинен 35 млн 400 миң сом акча каражаты бөлүнгөн. Райондук Байкоочу кеңештин кароосунан колдоо таап, фонд тарабынан каржылоого алынган жалпы долбоорлордун саны 38, мунун ичинен социалдык багыттагы долбоорлордун саны 17, экономикалык багыттагы долбоорлордун саны 12, ал эми жазгы талаа жумуштарына даярдыктарды көрүү боюнча арыктарды тазалоо долбоорлорунун саны 9ду түздү.

Базар-Коргон районунун 58 калктуу айылдарынан 45 айылынын калкы суу түтүкчөлөрү аркылуу ичүүчү таза суу менен камсыз болушкан. Учурда райондун аймагында калкты таза суу менен камсыздоо максатында Ислам Өнүктүрүү Банкынын каржылоосундагы 2 долбоорлор боюнча жумуш жүрүүдө.

ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ АРТТЫРУУГА ТИЕШЕЛҮҮ ШАРТТАР

- Районубузда билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият тармагындагы мекемеуюмдардын ишмердүүлүгүн арттыруунга тиешелүү шарттар түзүлүүдө. Быйылкы жылы республикалык бюджеттин капиталдык салымдар беренесинин эсебинен Талдуу-Булак айыл өкмөтүнүн аймагында 375 орундуу №27 Р.Чойбеков атындагы орто мектептин курулушу жүрүүдө. Кеңеш айыл өкмөтүнүн Кара-Жыгач айылындагы №38 А.Осмонов атындагы мектебинин курулуш долбоорунун жалпы сметалык баасы 72 млн 619 миң 100 сомду түздү. Бешик-Жон айыл аймагындагы №42 Сооронбаев атындагы мектептин курулушу жүрүп жатат. Могол айыл аймагынын Ооган-Талаа айылындагы оорукана, Арстанбап айыл аймагында бала бакча курулууда.

Ал эми Сейдикум айыл аймагына караштуу Жаш-Ленин айылында 100 орундуу, Кызыл-Ай айылында 75 орундуу, Базар-Коргон шаарында 50 орундуу “Алтын балалык” балдар бакчасы ачылды.

Кеңеш айыл аймагындагы Коткор айылына 50 орундуу бала бакча куруу үчүн ПСД документтери бүткөрүлүп, сметалык баасы 43 млн 331 миң 300 сомду түзгөн курулуш жумуштарына конкурстун жыйынтыгы каралууда. Сейдикум айыл аймагындагы Кызыл-Ай айылындагы 75 орундуу бала бакчанын курулушуна ПСД жасоо үчүн конкурстун жыйынтыгы чыгарылып, “АСК Система” ЖЧКсы менен келишим түзүлгөн.

Могол айыл аймагындагы Кара-Ой айылында №41 Жусупали уулу Жолдош атындагы мектепке кошумча корпус куруу үчүн жана Бешик-Жон айыл өкмөтүнүн Карача айылындагы №8 Карача атындагы 225 орундуу мектебин куруу үчүн “Архстрой компани” ЖЧКсы тарабынан ПСД документтери, Сейдикум айыл аймагынын Чоң-Курулуш айылындыгы №44 А.Жумабаева атындагы 275 орундуу мектебин куруу үчүн “АСК Система” ЖЧКсы тарабынан ПСД документтери даярдалууда.

Билим берүү тармагындагы 69 мектептен 47 мектеп интернетке туташтырылып, 65 мектепке видео көзөмөл орнотулду. Облустук өнүктүрүү фондунан алынган каражаттын эсебинен 15 даана интерактивдүү доска 1 бала бакчага жана 14 мектепке орнотулуп, мугалимдер заманбап технологияларды колдонуу менен сабак өтүп жатышат.

Райондо маданият тармагын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Быйыл райондун тургундарын маданий жактан тейлөөнү жакшыртуу максатында райондук өнүгүү фондусуна 746 900 сомдук долбоор жазылып, 550 400 сомдук улуттук кийимдер жана музыкалык аспаптар алынды. Ошондой эле райондук китепканага аталган фонддун эсебинен 196 500 сомдук каражатка конференция залы үчүн стол, стул жана китеп көргөзмөлөрүн чыгаруу үчүн шкафтар алынып, окурмандарга шарт түзүлдү. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги менен биргеликте Базар-Коргон борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан райондук борборлоштурулган китепкананын конференция залында “Жарандык жана санариптик билим берүү борбору” ачылды. Райондук балдар китепканасынын окуу залында "Эрте жаштагы балдарды өнүктүрүү борбору" уюштурулду. Ошондой эле райондун борборундагы Ү.Сыдыков паркынын башкы планынын негизинде жеке ишкерлерге ижарага берилип, 88 млн сомдук жумуштар аткарылып, райондун тургундарына маданий эс алуу борбору курулду.

“Биринчи байлык – ден соолук” демекчи, саламаттыкты сактоо тармагында дагы бир топ олуттуу иштер жүрүп жатат. Базар-Коргон райондук жалпы дарыгердик практика

дминистрациясынын
ЕВ:

АШОО – АР БИР
З КАРАНДЫ”



борборунун неврология бөлүмү жайгашкан имарат 1954-жылы мектепке ылайыкташып курулуп, 1996-жылга чейин мектеп болуп иштеп келген. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11-ноябрь 1996-жылдагы №531 токтомунун негизинде Базар-Коргон райондор аралык кургак учук оорусуна каршы күрөшүү борбору болуп түзүлгөн.

Ушул имарат Базар-Коргон райондук жалпы дарыгердик практика борборунун балансына өткөрүлүп берилген. Оорукананын балансына өткөн убакта имарат авариялык абалда болчу. 2022-жылдын башынан сметасы түзүлүп, жалпы 22 602 777 сомго толук оңдолду. Оңдоо иштери милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду тарабынан республикалык бюджеттен каржыланды. Учурда бейтаптарга бардык заманбап шарттар түзүлгөн. Имаратка Базар-Коргон райондук жалпы дарыгердик практика борборунун неврология бөлүмү жайгашкан. Жалпы 40 (койка) керебет орундуктар кызмат көрсөтөт. Кошумча дагы жандандыруу бөлүмү жана физиотерапиялык дарылоо бөлүмдөрү жайгашат. Ошондой эле айыл өкмөттөрүндөгү ФАП жана башка медициналык тейлөө кызматтарынын ишин жакшыртуу боюнча алдыбызда пландарыбыз бар.

ДЫЙКАНЧЫЛЫК НЕГИЗГИ КИРЕШЕ БУЛАГЫ

- Биздин районубуз илгертен эле айыл чарбасы менен республикага белгилүү болуп келген. Бүгүнкү күндө дагы дыйкандарыбыз жайды жайлата иштеген мээнетинин үзүрүн көрүп жаткан чагы. Базар-Коргон району боюнча 2022-жылда Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы “Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө” ПЖ №25 Жарлыгын ишке ашыруу максатында 21300 гектар айдоо аянттарында дыйканчылык иштерин жүргүзүү пландаштырылып, буудай, арпа, нокот, таруу, күрүч, жүгөрү, пахта, май өсүмдүгү, картошка, жашылча, бахча өсүмдүктөрү жана тоют, 51 гектар аянтты түзгөн күнөсканаларга жер-жемиштер өстүрүлдү.

Айыл чарба тармагында 2021-жылдын көлөмүнө салыштырмалуу 130 млн 65 миң 200 сомдук продукция көп өндүрүлдү. Анын ичинен негизинен талаачылык жана мал чарба продукциялары түзөт.

«Айыл чарбасын каржылоо –10» долбоору боюнча Базар-Коргон районунда 2022-жылга карата жеңилдетилген насыядан пайдалануу фермердыйкандарга кеңири түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөндүгүнүн натыйжасында жалпысы 165 жаран 111 млн 317 миң сомдук насыя алышты. Насыялар дыйкан-фермерлерге жана жеке ишкерлерге райондогу «Айыл-Банк» жана РСК-Банктары аркылуу берилди.

Ошондой эле айыл чарбасынын түшүмдүүлүгүн жогорулатууда ирригация системасынын туруктуу иштеп турушу өтө маанилүү. Базар-Коргон суу чарба башкармалыгынын балансындагы 80,5 км каналдын 30,0 км механикалык тазалоо жумуштары аткарылды. Андан башка райондогу сугат суусу менен камсыз кылууда орчундуу кызмат өтөгөн “Шайдан”, “Жаңы-Жогорку-Акман”, “Подводящий”, “Отводящий”, “Катта-Тегирмен” каналдарын тазалоо жумуштары жүргүзүлдү.

Ал эми дыйкан-фермерлерди техникалар менен камсыз кылуу боюнча айтсам, 2022-жылдын 9 ай ичинде район боюнча Кеңеш айыл аймагында 2 даана МТЗ-892.2 жана 1 даана чөп таңгактоочу, Сейдикум айыл аймагына 1 даана Беларусь 892,2 жана 1 даана Беларусь 952.2, 2 даана Беларусь 82.1 маркасындагы, 1 даана Беларусь 1025.0 маркасындагы жана Кытайдын YTO-1404 тракторлору, 1 даана чөп таңгактоочу, Акман айыл аймагына 1 даана LiuGong ZL50CN маркасындагы жүктөгүч, Талдуу-Булак айыл аймагына 1 даана чөп таңгактоочу, Базар-Коргон шаарына 1 даана чөп таңгактоочу, Бешик-Жон айыл аймагына 1 даана МТЗ-952.2 маркадагы трактор, район боюнча 15 трактор, жалпы суммасы 40 млн 890 миң 310 сомдук айыл чарба техникалары «Айыл-Банк» аркылуу лизингге алынды.

“КЫШТЫН КАМЫН ЖАЗДА КӨР”

- Райондун аймагындагы жолдордун абалы биздин көңүлүбүздүн борборунда турат. Райондун №50 жол тейлөө ишканасы тарабынан тейлеп жаткан 252,7 км аралыктагы негизги жолдордо автоунаалардын, жүргүнчүлөрдүн коопсуздугун сактоо максатында өз мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланышып автоунаалардын, жүргүнчүлөрдүн каттамына шарт түзүп келишүүдө.

Азыркы мезгилде Базар-Коргон – Арстанбап автожолунун 40,0-46,0 чакырым аралыгында Кызыл-Суу – Арстанбап участкасында долбоордук баасы 43 млн 200 миң сомду түзгөн 6 чакырымга жаңы асфальт төшөө жумуштарынын 2 чакырымына асфальт төшөлдү. Буюрса жаздын келиши менен долбоордо каралган жолдорду оңдоого киришебиз.

Анан эми “Кыштын камын жазда көр” демекчи, райондук билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемелерине 2491,4 тонна көмүр сатып алуу боюнча июнь-июль айларында мамлекеттик сатып алуулар порталына жарыя берилип, жыйынтыгы менен жеңүүчүлөр аныкталган. Анын ичинен билим берүү тармагына 2293,4 тонна бекитилген болсо, бүгүнкү күндө 2293,4 тонна ташылып, 100% камсыздалды. Саламаттыкты сактоо тармагы толугу менен камсыз болду.

Райондун калкын 2022/2023-жылдын күз-кыш мезгилине даярдоо максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдар тарабынан жеке ишкерлер менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, 38 көмүр сатуучу түйүндөр уюштурулган, алардагы сатылып жаткан көмүрдүн баасына утурумдуу мониторинг жүргүзүлүүдө.

Андан сырткары айыл аймактарда жана Базар-Коргон шаарында калкка арзан баада көмүр сатуучу түйүндөр уюштурулуп, 1 тоннасы 4000-5500 сомдон сатуу жолго коюлган.

ТУРИЗМ – ӨНҮГҮҮГӨ СТИМУЛ

- Базар-Коргон району өзүнүн табияты кооз жайлары менен мактана алат. Аймакта туризмди өнүктүрүү үчүн атайын ишчаралар кабыл алынган. Арстанбап айыл аймагындагы 300 орунду 38 коттеджи бар “Арстанбап-Ата” туристтик базасында келген конокторду жогорку деңгээлде эс алуусуна шарт түзүү үчүн кошумча кызмат көрсөтүүчү борборлор түзүлгөн. Ошондой эле аталган туристтик базада атайын 100 балага ылайыкташтырылган балдардын эс алуучу жайкы лагери уюштурулган. Балдарга эс алуу үчүн спорт аянтчасы, эс алуу паркы жана башка шарттар бар. Андан сырткары райондун аймагында “Зорька”, “Достук” “Келечек” балдар лагерлери бар.

Аймакта туризмди өнүктүрүү боюнча ишкерлик кылган жарандарыбыз бар. Атайын каттоодон өткөн 20 конок үйдүн ичинен 6 конок үйдө эс алуучулар үчүн толук шарттар түзүлгөн. Туристтер көбүнчө Германия, Англия, Франция, Швейцария, Испания, Чехия жана КМШ өлкөлөрүнөн келишет.

Кызыл-Үңкүр айыл аймагында 12 жерде конок тосконго ылайыкташтырылган боз үйлөр бар. Боз үйлөргө эс алуучулар үчүн шарттар түзүлгөн. Бул жакта кыш айларында кышкы лыжалык базасы уюштурулган. Кышкы лыжа боюнча жыл сайын 500-1000ге чейин туристтер келип эс алышып, жылдан-жылга туристтердин саны көбөйүүдө. Арстанбап айыл өкмөтү тарабынан кышкы спорт оюндары уюштурулуп турат. Жергиликтүү тургундар өз каражаттарына лыжаларды сатып алышып, келген конокторго кызмат көрсөтүүдө.

Кышка туризмге ылайыкталган 8 конок үйү бар. Анда эс алуучулар үчүн толук шарттар түзүлгөн. Коомчулукка чектелген туризм өкүлдөрү экотуризмге ыңгайлашкан шарт түзүшүп, ат, вело гид уюштурулган. Кызыл-Үңкүр айылынан Кең-Көл жайлоосуна чейин 16 жеке ишкерлер боз үйлөрүн тигишип эс алуучуларды, туристтерди кабыл алышат. «Кристалл» туристтик базасы бардык шарты менен кышкысын да эс алууга ылайыкташкан.

Ал эми «Медик» лагерине жайкысын окуучулар келип мөөнөтү менен эс алып кетишет. Жаз, жай айларында бээлер байланып, саамал ичүүгө шарттар түзүлгөн. Балык чарбасын өстүргөн 2 эс алуучу жайлар бар.

Айылдын ортосунда кызыл таштан түптөлгөн аябай чоң жар болгон, ал эми жардын боорунда кандайча пайда болгону белгисиз жүрөк таш жайгашкан. Капчыгайлуу бул өрөөн ушул кызыл түстүү жардын түбүндөгү үңкүрдүн атынан Кызыл-Үңкүр айылы деп аталган.

Тоо боорлорунда жаткан көп жылдык мөңгүлөрдөн, булактардан жарып Кара-Үңкүр дарыясы агып өтөт. Ак-Коргон жайлоосунда бийиктиги 50 метрлик кооз шаркыратмасы бар. Негизи туризм тармагы Базар-Коргон районунун экономикалык жактан өнүгүүсүнө стимул берүүчү тармак болуп эсептелет. Биз мына ушундай мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбаш үчүн туристтерге заманбап шарттарды түзүүгө ар тараптан колдоо көрсөтө беребиз. Бардар жашоо ар бирибиздин мээнетибизге көз каранды. Базар-коргондук иштерман калкыбыз эмгек менен ийгиликтерди багындырып келет. Жылдын соңунда Базар-Коргон районунун элине, жалпы кыргызстандыктарды келе жаткан 2023-жыл – Жаңы жылы менен куттуктап кетмекчимин. Жаңы жыл жакшылыктардын жылы болсун. Ар бир үй-бүлөгө бакыт-таалай, кут-береке каалаймын!

Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–акими Сатыбалдиев Жанысак мырза менен баарлашып отуруп бул аймакта кандай иш болбосун майын чыгара иштеп, ак эмгектери менен сыймыктана билген калк жашай тургандыгына ынандык. Маңдай териңиздердин акыбети береке, байлык, бакубатчылык менен акталып, ынтымакта ырыс-кешиктүү өмүр сүрүңүздөр, мекендештер!

Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

2022-жылдын мыктылары

ДЖОРОБЕКОВА Арзыгуль Мамаюнусовна,
КРнын Ички иштер министрлигинин Эргеш Алиев атындагы Академиясынын жетекчисинин орун басары, милициянын полковниги, юридика илимдеринин доктору, профессор, КРнын эмгек сиңирген юристи, "Аскердик мушташ, куралсыз коргонуу" федерациясынын вице-президенти, КРнын спорт чебери

АДАНОВ Рахманберди Исакович,
КР Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары боюнча башкармалыгынын жетекчиси

АНАРКУЛОВ Эрмек Момункулович,
Аксы районунун Авлетим айыл өкмөтүндөгү социалдык инфраструктураларга чоң салымын кошуп, долбоорлор менен иш алып барган айылдык активист, жеке ишкер

ДЫЙКАМБАЕВА Гүлайым Кашкабашовна,
Билим берүүдөгү заманбап маалыматтык технологиялар институтунун Талас шаарындагы кесиптик колледжинин директору

Эгемендүүлүктүн каармана

Билим берүү тармагындагы үзүрлүү эмгеги үчүн Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы А.Жоробеков атындагы орто мектебинин мугалими

КАРАБАЕВ Өмүркул Назанович,
"Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитинин "Эгемендүүлүктүн каармана" төш белгиси менен сыйланат.

Илимий конференция

ААЛАМДАШУУНУН КӨЙГӨЙҮ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

Жакында Жалал-Абад шаарындагы К.Ш. Токтомаматов атындагы эл аралык университетинде окуу жайдын ректору, экономика илимдеринин доктору, профессор, Аймактык менеджмент академиясынын академиги Сатыбалды Ашимович Өмүрзаковдун 60 жылдык маарекесине арналган "Ааламдашуу жараянынын көйгөйлөрү жана өнүгүү келечеги – коомдун биримдигин ийгиликтүү калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн негизи катары" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрүлдү.

Конференция онлайн жана офлайн тартибинде өттү. Конференцияга коңшулаш Казакстандан, Өзбекстандан, Түркиядан, Польшадан жана Россиядан жалпысынан 228 илимпоз, изденүүчү, ар кайсы тармактардан адистер, бир катар илимий мекемелердин жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышышты. Конференция илимий багыттарды, тармактарды жана ааламдашуу мезгилиндеги коомдук өнүгүүнүн маанилүү маселелерин камтыган 6 секцияда иш жүргүздү.

Ошондой эле конференцияга Кыргыз кооперативдер биримдигинин төрагасы Ж.М.Абакиров, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү А.Т. Сыргабаев, Жалал-Абад шаарынын мэри Э.А.Ормоков, Түрк тилдүү мамлекеттерди изилдеген "Түрк дүйнөсү" фондунун президенти профессор Көзхан Язган, өлкөнүн бир катар жогорку окуу жайларынын ректорлору катышышты.

Пленардык отурумда Польшанын Жогорку Силезия экономикалык университетинин профессору, экономика илимдеринин доктору Дырка Стефан, Азербайжан Мамлекеттик экономикалык университетинин профессору, экономика илимдеринин доктору В.Л.Назарова, Алма-Ата Гуманитардык-экономикалык университетинин профессору Мехмет Юже жана профессор А.М.Даузова, Ташкент Медициналык академиясынын профессору, медицина илимдеринин доктору М.Р.Ниязметов, Фергана Политехникалык университетинин доценти О.Т. Нурматов жана башка окумуштуулар илимий баяндамаларды жасашты.

Ошентип Жалал-Абад шаарында өткөрүлгөн илимий-практикалык конференция өз ишин ийгиликтүү жыйынтыктады.

Орункул САТЫКУЛОВ

Аймактарда

КОМПЛЕКС ИШКЕ КИРДИ

Өткөн жуманын аягында Ноокен районунун Кызыл-Туу айылында фельдшердик-акушердик пункт, мечит, балдар бакчасына кошумча имаратты камтыган комплекс пайдалануу берилди. Комплекс заманбап эмеректер менен жабдылып, жарандарга бир топ ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Ачылыш аземге Ноокен районунун акими Таалайбек Ишенбеков, "Ассанабилл" кайрымдуулук фондунун өкүлдөрү, Бүткүл дүйнөлүк мусулман жаштар ассамблеясынын Жалал-Абад облусу боюнча көзөмөлдөөчүсү К.Нусубалиев, Достук айыл өкмөтүнүн башчысы А.Бекибаев, айылдык кеңештин депутаттары жана жергиликтүү тургундар катышты.

Аталган долбоор Бүткүл дүйнөлүк мусулман жаштары ассамблеясы тарабынан каржыланган. Курулуш иштерине 15 млн сомго жакын каражат жумшалган. Айыл өкмөт тарабынан 1 млн сомдон ашуун каражат бөлүнүп, ал тосмолорго жана таман таштарды басууга кеткен.

БАЛДАР КҮЛКҮСҮ ЖАҢЫРСЫН

Жапалак айыл аймагына караштуу Арек айылында да 120 орундуу жаңы бала бакча пайдалануу берилди. Ош шаардык мэриясынын басма сөз кызматынын маалыматына ылайык, иш-чарага Ош шаарынын вицемэри Венера Рыскулова, Жогорку Кеңештин депутаттары Айбек Осмонов, Шайлообек Атазовдор катышты. В.Рыскулова Ош шаарынын мэри Бакытбек Жетигеновдун атынан бул мекеменин ачылышы менен куттуктап, эми алдыда шаардын билим берүү тармагына көңүл буруу уланарын билдирди.

САКТЫКТА КОРДУК ЖОК

Жалал-Абад облусунун аймагында милиция кызматкерлери тарабынан жаңы жыл майрамынын алдында алдын ала түшүндүрүү иштери жүрүүдө.

Аксы райондук ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери уурулукту алдын алуу максатында мал базарларда, эл көп топтолгон жайларда түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Ошондой эле кышкы оюн-зоокторду уюштурууда, тоодон жылгаяк тебүүдө этият болууну эскертишти. Ал эми Тогуз-Торо милициясы Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин кызматкерлери менен биргеликте жаңы жылга жакын өрт коопсуздугун сактоону, соода жайларында пиротехникалык каражаттардын сатылуусун көзөмөлгө алышты.

Жалал-Абад шаардык милициясынын кызматкерлери №1 кесиптик лецейдин студенттери менен жолугушту. Жолугушууда рекетчилик, талап-тоноочулук, уурулук, зордуктоо оор кылмыш экени айтылып, топтошуп мушташуунун арты жамандык менен аяктай тургандыгын эскертишти. Ал эми кыз балдарга өзүнчө лекция окулуп, эрте турмуш куруудан карманып, түн ичинде көчөгө чыкпоо керектиги айтылды.

ЖАЛГЫЗ-ТЕРЕКТЕ ДА ЖАҢЫ ФАП

Нарын районунун Жалгыз-Терек айылында Алтын Акматова атындагы фельдшердик-акушердик пунктунун курулуш иштери аягына чыгып, пайдалануу берилди.

Имараттын курулуш иштери 2021-жылы башталып, ал "Катар" кайрымдуулук уюму тарабынан каржыланып бүткөрүлдү. Ошондой эле аталган уюм тарабынан ФАПтын ичине керектүү эмеректер сатылып алынган.

КЕЛДИБЕКТИН КЕҢ ПЕЙИЛДИГИ

Келдибек Матисаев 2022-жылдын 14–17-сентябрь күндөрү Баткен облусунда болуп өткөн коогалаңда чек ара айылдарынан эвакуация болгон жарандарга жардам колун сунган инсан.

Президенттин Баткен облусундагы өкүлү Абдикарим Алимбаев өз кезегинде Кадамжай районунун Орозбеков айыл аймагынын тургуну Келдибек Матисаевге кыйын кырдаалда жабыркаган үй-бүлөлөргө мекенчилдик сезимде кол сунуп, өлкөнүн бүтүндүгү, элибиздин келечеги үчүн кошкон салымы жана өз учурунда материалдык, моралдык жардам көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылыгын айтты. Ыйгарым укуктуу өкүл мындан сырткары оор кырдаалда колдоо көрсөтүп, жабыркаган үй-бүлөлөргө жардам берген ар бир кыргызстандыкка Баткен элинин жана жеке өзүнүн атынан ыраазычылыгын билдирди.

Белгилей кетсек, колундагы баласы менен "үй бар" деген жазуу бар кагаз кармап, Тажикстандын куралдуу кол салуусунан жабыркагандарга жардам берүүгө чыккан Келдибек Матисаев социалдык тармактын колдонуучуларынын алкышына татыган.

"Эркин-Тоо" пресс

АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Уведомляет об изменении сроков подачи предложений по тендерам

В рамках второго проекта «Регионального экономического развития в Баткенской области» (ПРЭР-2)

НАЗВАНИЕ КОНТРАКТОВ:

- **Строительство начальной школы и детского сада «Учкун» с.Кок-Таш Ак-Сайского АА Баткенского района. 2 лота.**
- **Строительство средней школы, детского сада «Бобоктай», ФАП в с. Достук Кара-Бакского айылного аймака; школы в с.Чон-Талаа Торт-Гульского АА. 2 лота.**
- **Строительство дополнительного учебного корпуса школы им.А.Масалиева в с.Кызыл-Бел Кара-Бакского АА Баткенского района.**

Конкурсные предложения должны быть доставлены по адресу, указанному ниже, не позднее **14.00 часов (по Бишкекскому времени) 10 января 2023 года.** Проведение торгов в электронной форме не предусмотрено. Конкурсные предложения, представленные позже указанного срока, отклоняются. Конкурсные предложения будут вскрыты в присутствии членов тендерной комиссии и уполномоченных представителей участников торгов, и всех, тех, кто пожелает присутствовать лично по адресу, указанному ниже в **14.00 часов (по Бишкекскому времени) 10 января 2023 года.**

Все тендерные предложения должны сопровождаться Декларацией об обеспечении тендерного предложения

Адрес: **Агентство развития и инвестирования сообществ Кыргызской Республики; Наспеков Марс Дамирович, Исполнительный директор АРИС КР; Кыргызская Республика, г.Бишкек, ул.Боконбаева, 102, 11 каб., телефон/факс: +996 (312) 30-18-05 (вн. 153) или 62-47-48, эл. почта: zakupki@aris.kg**

КҮЙҮҮЧҮ МАЙ ИМПОРТУ КЫСКАРДЫ

Кыргызстандык нефте-трейдерлердин башка өлкөлөрдөн алынып келинген бензиндин баалары тууралуу маалыматы боюнча 10 ай ичинде өлкөгө 597, 3 миллион литрден ашык бензин ташылып келинген. Өткөн жылдын ушул мезгилинде өлкөгө чет өлкөдөн ташылып келген бензиндин көлөмү 805,8 миллион литрди түзгөндүгүн эске алсак, бензин импорту быйыл дээрлик 35 пайызга кыскарган.

Кыргызстан үчүн негизги импортер Орусия мамлекети болгондуктан, белгиленген мөөнөттө орусиялык мунайды кайра иштетүүчү заводдорунан өлкөгө күйүүчү майдын жалпы көлөмүнүн 98 пайызы кирген. Башында орто эсеп менен бир литр бензиндин баасы 40,3 сомду түзүп, бир жыл аралыгында сатуу баасы 20 пайызга жогорулаган. Тагыраак айтканда дээрлик 6 сомго кымбаттаган.

Үстүбүздөгү жылдын 10 айында өлкөгө бензин Беларусь, Казакстан, Түркмөнстан жана Өзбекстан өлкөлөрүнөн алынып келинген. Казакстандан алынып келинген бензиндин баасы орточо эсеп менен 42,6 сомду түзсө, Өзбекстан менен Түркмөнстан күйүүчү майдын литрин 52-53 сомдон саткан. Ташылып келинген бензиндин эң кымбаты Беларусияныкы болуп, баасы 83 сом болгон.

МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАР ПОРТАЛЫ ИШКЕ КИРЕТ

Финансы министрлиги тарабынан өлкөдөгү мамлекеттик сатып алуулар системасын өркүндөтүү максатында 2023-жылдын 1-январынан тартып жаңы маалыматтык технологиялар, тактап айтканда смарт-контракт, электрондук келишимдеги контракт, шифрлөө, электрондук банктык келишимди колдоо сыяктуу технологияларды колдонуу менен жаңыланган Мамлекеттик сатып алуулар порталы ишке киргизилет.

Сатып алуу процессин башкарууга, тараптардын өз ара милдеттенмелерин аткарууга мүмкүндүк берген контракттарды башкаруунун жаңы бөлүмү киргизилүүдө. Ал тобокелдиктерди, келишимдердин аткарылбай калышын жана коррупциялык курамды азайтууга багытталган. Ошондой эле жаңы порталда электрондук сатып алуулар тутумунун маалыматтарынын сапатын жогорулатуу үчүн коомчулукка жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга көзөмөлдөөнүн жаңы куралы - мамлекеттик сатып алуулардын маалыматтарына жетүү үчүн бирдиктүү терезе болгон OCDS ачык маалыматтар стандарттары каралган.

Разия ЖООШБАЕВА

В связи с утерей следующих разрешительных бланков полученных на ОсОО «Тезоро» от Агентства автомобильного, водного транспорта и весогабаритного контроля.

№	Дата выдачи	Страна	Вид	АТС	Бланк
1	15.06.22	Грузия	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG662AH	818759
2	15.06.22	Грузия	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG414AH	818760
3	15.06.22	Грузия	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG533AF	818761
4	15.06.22	Грузия	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG458AE	818762
5	08.01.20	Китай	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG458AE	334
6	08.01.20	Китай	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG414AH	368
7	08.01.20	Китай	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG662AH	410
8	08.01.20	Китай	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG457AE	411
9	09.01.20	Китай	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG569AH	602
10	10.01.20	Китай	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG458AE	612
11	10.01.20	Китай	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG436AE	614
12	12.01.20	Китай	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG359AH	806
13	13.01.20	Китай	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG074AG	821
14	13.01.20	Китай	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG533AF	822
15	15.01.20	Китай	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG457AE	1009
16	15.01.20	Китай	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG662AH	1010
17	15.01.20	Китай	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG414AH	1011
18	17.01.20	Китай	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG356AH	1139
19	15.06.22	Турция	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG662AH	528350
20	15.06.22	Турция	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG414AH	528351
21	15.06.22	Турция	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG533AF	528352
22	15.06.22	Турция	Двусторонние и транзитные перевозки грузов	01KG458AE	528353

считать недействительным.

Н-375

“2022-ЖЫЛДАРГА КАРАТА БЮДЖЕТТИК МЕКЕМЕЛЕР ҮЧҮН ЭЛЕКТР, ЖЫЛУУЛУК ЭНЕРГИЯСЫН ЖАНА ЖАРАТЫЛЫШ ГАЗЫН КЕРЕКТӨӨНҮН ЛИМИТТЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНИН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 23-АВГУСТУНДАГЫ БИРГЕЛЕШКЕН № 01-13/138 БУЙРУГУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНИН

БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №191 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2021/2022-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоонун жүрүшү жөнүндө” токтомунун 6, 8-пункттарын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №247 “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин маселелери жөнүндө” токтомуна, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын тышкы саясат бөлүмүндө 2022-жылдын 24-октябрында болгон №15-413 сандуу кеңешменин протоколуна ылайык, **буйрук кыламын:**

1. “2022-жылдарга карата бюджеттик мекемелер үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 23-августундагы биргелешкен № 01-13/138 буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 1-пунктундагы “керектөө лимиттери” деген сөздөн кийин “Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан накта маалыматтардын негизинде Кыргыз Республикасындагы Түркия Республикасынын Элчилиги үчүн төлөнгөн электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын чыгымдарын кошпогондо” деген сөздөр менен толукталсын;

- 6^1-пункт менен төмөнкү мазмунда толукталсын:

“6^1. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түркия Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы өз ара макулдашуунун негизинде Кыргыз Республикасындагы Түркия Республикасынын Элчилигинин электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын чыгымдарын накта маалыматтардын негизинде төлөөнү ишке ашырсын.”.

2. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин электр энергетикадагы мамлекеттик саясат башкармалыгы:

– ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине жиберсин;

– ушул буйрукту аткарууну контролдоону камсыз кылсын.

Министр **Т.О.ИБРАЕВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 23-декабры №01-13/224

“2022-жылдарга карата бюджеттик мекемелер үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 23-августундагы биргелешкен № 01-13/138 буйругуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө буйругунун толук мазмуну менен Кыргыз Республикасынын энергетика министрлигинин сайтынан таанышса болот.

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

Бирманбетов Баатыркулга тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануу укук берүүчү күбөлүгү серия КЖ №0113 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-135

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Джолдошова Алмаш Аракеевна код ОКПО 27667784, ИНН 11404196300925 считать недействительным.

Н-373

Төрт-Көл айыл аймагынын Бостон айылында жайгашкан муниципалдык менчикте турган Бостон айылдык клубунун сериясы Б №028215 мамлекеттик актысы жана №115-18-А сандуу шифрдеги архитектуралык пландоо шарты (АПШ) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-034

Өзгөн районунун Жылалды айыл өкмөтүнүн Жылалды айылынын тургуну Акназаров Маматибраимге таандык мамлекеттик акт Ч №365688 (24.01.2012-ж.б.) иден. код 5-06-06-1001-0833 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-779

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Запрос на выражение заинтересованности
Закупка услуг на разработку проектно-сметной документации пунктов пропуска

Пограничная служба Государственного комитета национальной безопасности Кыргызской Республики при финансовой поддержке Азиатского Банка Развития

ПЛАНИРУЕТ УЛУЧШИТЬ ИНФРАСТРУКТУРУ КОНТРОЛЬНО-ПРОПУСКНЫХ ПУНКТОВ.
В результате будет модернизирована технологическое оборудования контрольно-пропускных пунктов, улучшаться условия работы сотрудников, увеличится пропускная способность пунктов пропуска.

